Кирг
10
Ж23

АСАН
ЖАКШЫЛЫКОВ

# БЕЛЕС





АСАН ЖАКШЫЛЫКОВ

# БЕЛЕС

ЫРЛАР ЖАНА ПОЭМА

ФРУНЗЕ „МЕКТЕП" 1981

84. Ки 7
Ж 22

*Жаштар үчүн*

**Жакшылыков Асан.**

Ж 22 Белес: Ырлар жана поэма. Жаштар үчүн. — Ф: Мектеп, 1981. — 132 бет.

Асан Жакшылыковдун «Улуу шашке», «Бейпил көктөм» аттуу китептери 1979-жылы Кыргызстан комсомолу сыйлыгына татыктуу болгон. Автордун бул жыйнагына ар кыл темада жазылган беш бөлүмдөн турган лирикалык ырлары, «Белес» аттуу поэмасы киргизилди.

**Ж** $\frac{\textbf{70700—297}}{\textbf{М 452 (17)—81}}$ **230.81.4702280200** **С(Кирг)2**
**ББК 84 Ки 7**

Рецензент Ж. Мамытов

© «Мектеп» басмасы, 1981-ж.

# ӨСКӨН ЖЕР

*Шапар тепсе шайыр турмуш шайма-шай,*
*шапа-шупа ишке келсе шамдагай*
*шаңкайган шаар-шаасы менен курулуп*
*шаттуу жашап, милдетти шар аткармай*
*шатман, шаттык колубузда турган кез*
*шайкеш калкым шербет даамын таткандай.*

# 1. АРЗУУ

## ТУРМУШ ДААМЫ

Туз-даам татып кет дешет айылга бара калсаң.
Туз-даам... Туз-даам... Туз-даам...
ушул сөз зымырылып өтүп кетет
тез жардамдай.
Жашоонун ачуусун да, таттуусун да
татасың өмүр барда!
Күндөрдүн кокту менен колотторун
аралайсың, артасың: гүлдү да, ташты дагы, өзүңдү да
бардыгын билиш үчүн жаралгансың.
Көз алдында онтойт оору, азап тартат.
Кечээ эле өзүң сүйүп эркелеткен беш көкүл эрке кызды
эл бейитке коюп кайтат;
Карылыкты — күзгү камгак сыяктуу шуудуратып
айдап кетет түнкү шамал.
Таң сөгүлөт
күн нуру өңдүү
төрөлүү, өлүм жерге бирдей тарап.
Туз-даам татып, ак-кара эшик ачып
оомат келип, тирүүлүктүн дооранын сүрүп турган кезиң
сенин!
Ачуудан көңүл калып, таттуудан таалим алып
жашоодо парз өндөнөт жетилгениң.
Бөйдө кырсык болбосо, рак менен оорубасак,
адамдардын ач көздүгү тутантпаса дүйнөлүк жаңы согуш

эл ортону элүүдөн ооп жашагыбыз келет биз да...
Умтулбайм өлбөстүккө.
Өлүм дагы Тирүүлүктөй кайталангыс ыйык нерсе.
Кантип сүйүп, кантип иштеп
канткенде адамдарга жакшылык кыла алабыз
мына ушуну билүү керек.
Даам таталы,
кичүүлөргө жол көрсөтүп
улууларды атказалы.

## ТОРГОЙ

Обон салат ободогу боз торгой,
олтурамын ойго батып козголбой.
Айлана тынч, аба мелүүн, жел жумшак
торгой ырын тулаң кошо созгондой

шуудур этсе, үндөш асман таптаза,
көрпөлөнүп жер жапжашыл башкача!
Торгой безеп кантип турат сайрабай
көмөкөйгө кубанычы батпаса...

Асман чексиз, көңүл чексиз, жер чексиз
мейкиндикте канат күүлөйт көз жеткис!
Торгой өңдүү дуушар болсок бактыга
биз да ушундай ободо эрип кетмекпиз.

Өзүң талда: кышты өткөрүп алыстан,
кыйырсыз жол кош канатын талыткан.
Жаз чыкканда кошо барып калсам деп
жан жай албай закым менен жарышкан.

Кайтып келди, асман айда кулачы!
Кубанычын туйчу, билчи, сурачы:
бузулбаппы, ошол бойдон туруппу
канат күүлөп учуп кеткен уясы.

# 1. АРЗУУ

## ТУРМУШ ДААМЫ

Туз-даам татып кет дешет айылга бара калсаң.
Туз-даам... Туз-даам... Туз-даам...
ушул сөз зымырылып өтүп кетет
тез жардамдай.
Жашоонун ачуусун да, таттуусун да
татасың өмүр барда!
Күндөрдүн кокту менен колотторун
аралайсың, артасың: гүлдү да, ташты дагы, өзүңдү да
бардыгын билиш үчүн жаралгансың.
Көз алдыңда онтойт оору, азап тартат.
Кечээ эле өзүң сүйүп эркелеткен беш көкүл эрке кызды
эл бейитке коюп кайтат;
Карылыкты — күзгү камгак сыяктуу шуудуратып
айдап кетет түнкү шамал.
Таң сөгүлөт
күн нуру өңдүү
төрөлүү, өлүм жерге бирдей тарап.
Туз-даам татып, ак-кара эшик ачып
оомат келип, тирүүлүктүн дооранын сүрүп турган кезиң
сенин!
Ачуудан көңүл калып, таттуудан таалим алып
жашоодо парз өндөнөт жетилгениң.
Бөйдө кырсык болбосо, рак менен оорубасак,
адамдардын ач көздүгү тутантпаса дүйнөлүк жаңы согуш

эл ортону элүүдөн ооп жашагыбыз келет биз да...
Умтулбайм өлбөстүккө.
Өлүм дагы Тирүүлүктөй кайталангыс ыйык нерсе.
Кантип сүйүп, кантип иштеп
канткенде адамдарга жакшылык кыла алабыз
мына ушуну билүү керек.
Даам таталы,
кичүүлөргө жол көрсөтүп
улууларды атказалы.

## ТОРГОЙ

Обон салат ободогу боз торгой,
олтурамын ойго батып козголбой.
Айлана тынч, аба мелүүн, жел жумшак
торгой ырын тулаң кошо созгондой

шуудур этсе, үндөш асман таптаза,
көрпөлөнүп жер жапжашыл башкача!
Торгой безеп кантип турат сайрабай
көмөкөйгө кубанычы батпаса..

Асман чексиз, көңүл чексиз, жер чексиз
мейкиндикте канат күүлөйт көз жеткис!
Торгой өңдүү дуушар болсок бактыга
биз да ушундай ободо эрип кетмекпиз.

Өзүң талда: кышты өткөрүп алыстан,
кыйырсыз жол кош канатын талыткан.
Жаз чыкканда кошо барып калсам деп
жан жай албай закым менен жарышкан.

Кайтып келди, асман айда кулачы!
Кубанычын туйчу, билчи, сурачы:
бузулбаппы, ошол бойдон туруппу
канат күүлөп учуп кеткен уясы.

Кумурска шер далай мээнет кылыппы?
Аары досу небак учуп чыгыппы?
Жан-жаныбар ойгонуппу уйкудан
жалпы жайык аман-эсен туруппу?

Торгой сайрайт унуткарып кайгыны,
көк мейкинди, кең жайыкты жай кылып.
Көз жарган жер! кандай гана ыйыксың
боз торгоюң үн безеген кайрылып.

## ЖОЛ

Жаман да өткөн, жакшы да өткөн
кары, жашка — баарыга тең
байланышып калгам качан
калк байлыгы — чоң жол менен?

Жол, агын суу жана мүрзө
кайда барсам кошо жүрөт
ат кошчудай ушул үчөө.

Жолоочубуз, а эл деген
жол аркылуу баарыбызды
туташтырат өзү менен.

Изи жок турмуш болбойт адил досум.
Андыктан да бир күнү учур келсе
эртедир-кечтир ушул жол жөнүндө
атайлап ойлоносуң.

Оюңа көмөктөшөт жумшак аба,
калтырып жымжырттыкты сен кетесиң
акыры
күү-шаа түшкөн жол тарапка.
А, жол деген көпкө таандык.

Баскан жолуң шыдыр болот
өткөндүгүң, өтпөгөнүң
билинбеген эл жолуна
баскан изиң түшүп калып.

## ЖЕР ТУРМУШУ

Дарбыздай топтоголок бышып турган
айланып жер огунда таң кылыйган;
Кумурска кулазыгын ташып бүтпөй
күүгүмдө тыным алган —
тынчы жок Жер Турмушу!

Жүрөккө кандай жакын ар бир ташың!
Ким сүйбөйт кыбыраган таш бакаңды
шашылбай жолду бойлоп, каадасынча
бейкапар күн өткөргөн
жан үрөбөй,
чарпылбай биз дуулаган тез заманда.

Адамдар өмүр сүрүп
коюнуңда ким бирөөсү суукка тоңот,
да бирөө сулуу кызга ашык болот,
мектепке жаңы барып дагы бирөө...
Ызгаарда, же ак жаанда нөшөрлөгөн
суу өтүп кийиминен,
койлорун жапсар менен
чубатып карагайга айдап кирген,
бир туруп таш боор десең, тазарып миң
кубулган
төшөлүп бут алдыңа жашыл көктөм,
адамзат талдап бүтпөй баскан жолун
аруулап «ж а ш о о» деген
Жер Турмушу!
Сугарылган суруга да, көз жашка да

булуту бар, күнү бар, шаттыгы бар.
Көктөм өсүп дүркүрөп жазгы баарда
ак-карага каныгып өмүр сүргөн,
камчыланган зымырап убакытты
не тең келет Адамдын бактысына!

## СЕН ҮЧҮН

Турмуш жетик таңыркатып.
Гүл өңдүү көктү тиктеп, сугуң артып
олтурсаң боло берет
ойго батып:
айланып, алмашылып — таң келет, жылдыз келет, күз да келет;
күлмүңдөп, гүлдөп турган кыз да келет,
дүйнө кетет, дүйнө келет.
Залалың жок турсаң болду,
тамырың туш тарапка таралгандай
сезилет — шаа жетпеген айкөл дүйнө
сен үчүн жаралгандай.

Мына кызык, ким бирөө эмес,
каяктан сен жаралып калдың экен?
Каяктан сени адамдар белге сактап,
толгоо тартып, азаптанып, коргоп, багып
торолтуп алды экен?

Кандай гана бактыга туш келгенсиң:
сага деп жерден булак чыкса ийип,
бийиктен күн багышып турат тийип,
күзгү бакта, кызарып бышкан алма;
учам десең канатың бар,
минем десең күлүк даяр,
түшөм десең көл туйлайт
жээгин аймап, жыбырлап толкун айдап.

Бышкан түшүм — сен үчүн.
Сен үчүн ким иштебейт
үрөн күчүн — сыртта, үйдө
сен үчүн, сен үчүн, сен үчүн — түйшөлөт бүткүл дүйнө!
Ошентсе да билишиң керек окшойт бир нерсени:
Өзүң кимге? — Өзүңөбү?
Кимге кызмат кылмаксың
ө з ү ң деги?

## АРЗУУ

Эне тилде «ЭЛ» деген сөз турат эки тамгадан,
биримдикти ажыратпай бир багытта кармаган.
Ушул сөздүн тамырынан кубат алып, күч жыйнап
мезгил — шамал термеп турган сабагына айланам.

Элдин дили, элдин тили, бойдо чуркайт кызыл кан,
эл намысы сүрөөнгө алса барган сайын кызыган
тулпарыңа сыймыктанам! Каржаламын кай бирде
бойду таштап жиберчүүдөй карт асканын учунан.

Бийиктикти тоодон эмес, эл деминен сеземин.
Майдалыкты көргөн сайын борошолоп кетемин...
Өксүгү жок эл болбойт го, антсе дагы Ата журт
ар бир уулуң туюп турсун тамырың бек экенин.

Бар бол Элим — асманымда топтолушкан Үркөрүм!
Үрөн таштап сан жылдызга тоголушкан бир сенин
ак шооланa аралашып өтүп кетсем арман жок,
чексиздиктин жерге таандык кенендигин чүмкөнүп.

## САТУУЧУ КЫЗ

Салкын неге көз карашың
сатуучу кыз,
садагасы мынча неге
сабырың суз?

Шаардын эли
шагыңды сындырдыбы
тизилип көз алдыңан
кайдигер өтө берип?
Ай, ушу кайдигерлик, тиш оорудай сыздатат
кай бир кезде;
көрчү эми бүгүн сени!
Саамайыңды жетилткен, бой тартканда өрүп
берген
айылың көз алдыңа күндө келип,
айтмакчы, жүрөсүңбү, шаарга көнбөй
сагынып, садагасы, өскөн жерди?
Мүмкүн сени,
ыгы жок ыза кылып
(оозуна ээ болбогон адамдар бар)
жети атаңа, намысыңа шек келдиби?

Сага деги эмне болду?
Бойго толгон курактын сыры туюк,
сүйүүгө жеңил карап
бозоюң койду бекен капа кылып?

Айтоор бүгүн сатуучу кыз
саргайып, санаа тартып
күндөгүдөн сабырың суз.
Садагасы, шаарыңа шаабайың сууп карабачы'
жалгызсырап, ойго батып;
көнө албай, сыноосуна чыдай албай
айылыңа жөнөй берavailable
кайра тартып?

Сүрдөбө, бул жашыл шаар сенин шаарың.
Сендей эле шаардын тилин жаңы үйрөнүп
иштеп, окуп, шартка көнүп
жүрүшөт канча жаштар?
Эрк керек карындашым.

Максаттуу адам баарын женет.
Шаарга сендей шамдагай,
сылык, элпек, ишке дилгир
сабырлуу жаштар керек.
Күлкүнөр чыккан кезде, садагалар,
Токтогулдун «Миң кыялы»
шаар ичин жаңырткандай элестелет!

## ТОО ТҮНҮ

Кыргыз түнү — жайлоодогу бейпил түн
тулаң уктап, жылкы кеткен жайытка.
Айга жуулган теребелди термейт үн
себеленсе сансыз жылдыз алыстан.

Миң кайрыктуу сууну тыңшап боз үй да
муздак аба коктуну өтөт аралап.
Дене жайып уктап жатса жаш бала
кулун ойнойт, кулун туйлайт сабадан.

Байыркы түн. Байыркыдай тоо түнү
кереметтүү жер магдырап көшүгөн.
Күн-түн миңтип кезиктирбей бир-бирин
мурдагыдай күндөр чууруп кетүүдө.

Антсе дагы турмуш жаңы боз үйдүн
керегe, уугу, жабуусу да жаңырган.
Көмкөрүлүп турган менен обол түн
элден болдук бүгүн кайра таанылган.

Өмүр сүргөн биз адамдар жаңыбыз
замананын шаасы күчөп термеген.
Чарк айланып бойдо чуркайт каныбыз,
намысыбыз — түнгө моюн бербеген.

## АЛА-ТООГО ТАРАЛЫП

Жерге батпай сүйүнүп турганымды карачы,
жарык көрүп басмадан Сагымбайдын «Манасы»!
Ак шумкары асманга атып чыгып, айланып
Ала-Тоонун учуна чагылышат канаты.

Аккуладай бууданы жерди чапчып кишинейт,
аккан дайра киргендей буураркандап күчүнө
демиме дем кошулуп, кайрат бүтөт боюма
атам Манас айбаттуу аян берет түшүмө!

Ардакта дейт элиңди, асыра дейт жериңди,
кем тутпа дейт денеңден көкүрөктө демиңди,
дарак өспөйт тамырсыз, өмүр өтпөйт күрөшсүз
эл намысын курчанып бекем буу дейт белиңди.

Ак шумкары байыр алып айланганын карачы!
Ала-Тоого таралып Сагымбайдын «Манасы».
Кыргызымдын тамыры барган сайын тереңдеп
кыйры кенен асманга жайылыптыр канаты!

Мен ансайын өрөпкүйүм, өсүп, өнүп жетилем,
өзөк болор өмүрдө тамырыма кезигем.
Манасчынын мурасын окуп берсе бөбөктөр
түндүгүмдөн бой созуп түшүп келет жетиген.

## АК КАЛПАК

Ала-Тоого түспөлдөшкөн
ак мөңгүдөй ак калпагым,
асыл башка медөө туткан
абийирибй жети атамдын?
Мен белекке бере бербейм:
баш кийимимди

баркын билип!
Ак элечек энекелер
асыл башка берген тигип.
Досторумдун арасында
дилим таза — калпагымды
жарашыктуу турам кийип.

## КЫРГЫЗ ТООСУ

Кыргыз эли дөөлөттүү эл — Манастуу,
тагдыр, тарых — өткөн доору талаштуу.
Жери — толкун кең асманга серпилген
капчыгайдан аккан суусу канаттуу.

Тоо — тагдыры, улуу тоолор болбосо
кулагынан заман заардуу толгосо
көп эл өткөн! Төшү түктүү жер соргон!
Тоолор бизди колдоп калган ошончо.

Жерине айтат — кыргыз айтса каргышын
эсептетпей сан кылымдын жай-кышын
тоолор аны көчмөн кылып таштаптыр
төрт туяктуу түмөн малын жайгызып.

Тазалыгы мөңгүсүнөн куралган,
кыргыз көчү кылым кечип уланган,
каркыттуу элдин ырысына бүткөн Жер
кыркар тоосу кучак жетпей суналган.

## БОСОГО

Дабандын бул бир коктусу,
дайранын бул бир куймасы.
Сүйлөсө күлүп тоо суусу
сүрдөтөт экен жылгасын.

Көпөлөк өңдүү кептештен
сермелдим суунун шарына,
ак булут жашын төкпөстөн
Суу ичти келип жанымал.

Айбыгып гүлдөн, көк чөптөн
апкаарып үнсүз тигилдим.
Арчадай тоого тамырлап
аскага келди илингим.

Коодзукту издеп көп жерге
баруунун жоктой зарылы.
Тазартты бойду кеткенче
ташкындап суунун агымы.

## АЙЫЛГА БАРУУ

Айылга көпкө келбегем,
көрүшүп өскөн жер менен
аяздын суугун, абасын
ансайын жутам дембе-дем.

Көөдөнүм көккө керилет,
көгүлжүм асман берилеп,
көз артып турса бийиктен
көзүмө нуру себилет.

Апаппак карга шооласы
айкашып жарык чачкансыйт.
Ашыгып, тосуп, жол басып
айылым келе жаткансыйт.

Сагынгам, чуркап ашыгам
өскөн жер сага шашылам.
Кыйчылдайт ак кар ап сайын
дабышым түндө катуулап.

Кол, бетим, тизем, бутумду
муздатып ызгаар кутурду.
Эңсеймин иттер абаалап
айылдан тоскон учурду.

## ЫСЫК-КӨЛ

Ысык-Көлүм,
толкундан өмүр күткөн кош карегим
чогулуп кыргызымдын көз жашынан
муң-зардан мис чокулар куудай болуп
кайгы жууп, кан акса да суудай болуп
бизге жеткен тунук бойдон
касиеттүү Ысык-Көлүм!

Дайым тирүү толкунуң жаш,
кыргыздын балдарындай жаңы туулган
бул толкундар үзүлбөстөн
катарлашып келет улам.

...Карагай, жашыл чөпкө, толкунуңа
аралашып
Саякбай «Манас» айтып чоңойгон жер!
Кыймылыңды жаңыртып тереңдеги
жүрөктүн кылында ойноп
Кара Молдо торолгон жер!

Кыргызым буудандарын сынаган жер
тунук көлүн бир айлантып
ат жалында жаш баланын
уюп тамчы карегине
намысын бүлөгөн жер
Мезгилдин бүлөөсүнө!

Сүйлөшөөр дүйнө менен,
элимдин медер туткан элчиси сен,

кабыл алып турасың жол кеңейип —
достуктун өкүлдөрүн,
сыйлайсың сыйга туулган
кыргыздын берекелүү пейли менен.
Улукмандын дарысы: майда кумуң,
коргул ташың, ал турсун алабатаң;
суундай ыйык топурагың,
сулуу көлүм чалкып жаткан
кыргыздын таалайына жаралгансың!

Асыраарым, күйгөн шамым,
учу жок толкунуңа чөмүлөйүн
толкучу! Жээк сыяктуу сыр алышып
кош карегим балбылдап, ысып-күйүп
кызгылт нурун кучактап жайкы күндүн
жылдызданып бактылуу көрүнөйүн.

## 2. КАРА МОЛДО

### КОМУЗ КҮҮСҮ

Боз үйгө кирген жан жок, чыккан жан жок
убакыт, кыймыл, агым, шамал токтоп.
Бир гана комуз күүсү шабырланат
шаа жеткиз бийиктикке кеткен окшоп

төгүлөт, толкун элейт, жорго салат
кайгысын жер тынымга унуткарат.
Эл менен кошо тыңшап, уу чача албай
ок жылаан босогого туруп калат.

От күйөт, тээ ободо жылдыз жанат.
От жүрөк оргуйт, эргийт, туталанат.
Ансайын эл албаарып, тоо селейип
токтобой күү асманга агып барат.

Комузчу моюн бербей кайгы-муңга:
комузчу сиңип житкен сан кылымга
турмуштун түбөлүктүү жагын издейт
өмүрдү жалгаштырып күүгө, ырга.

Мындайда тагдыр жайын болбойт жоруш,
кыргыздын дилин ачып үч кыл комуз,
укумдан тукумуна санжыра айтып
сапарын коштоп барат мукам добуш.

## КҮҮНҮ ТЫҢШАП

Күүгө канып күүгө келип турамын,
чоң ачылып кең дүйнөгө кулагым,
жүргүзөсүң — кан дүргүтүп, башкарып
табышмактуу табияттын сурагын.

Мынча бийлик, мынча чоңдук кылгандай
жүрөгүмө ээлик болуп тургандай,
айтсаң, айтсаң кандай жөнүң бар эле
күткөн жоопту жымжырттыкка ыйгарбай.

Сөз коротпой, бурап комуз кулагын
кылым аккан күүлөрүңдү уладың.
Кыял дүргүп кыяматты унутуп
кыбам канып Кыдыр колдоп турамын.

Жолум шыдыр жорго минип кеткенсийм,
канат бүтүп куштай учуп өткөнсүйм.
Айланчыктап алсыздыкка тушалбай
ай-ааламдын сересине жеткенсийм.

Не деген күч — тазарса адам сезими,
көкүрөгүң күүгө келген жетилүү,
эркиндиктин деми чуркап кан менен
жаралууну өз башыңдан кечирүү!

## ТОКТОМАМБЕТ

Комузга кылды тагып ким чертпеген?
Дүйнөдөн ким агылып, ким өтпөгөн?
Бирок да миңдин бири — жүрөгү эрип
бийикке туруп калат кол жетпеген.

Балалык. Баскан жолу жерде калган,
баардыгы даңазалуу — элде калган.
Бу бала төрөлгөндөн күүнү тыңшап
бу бала эс тарткандан комуз алган.

Баары чын, атасы Ороз турмуш менен
комузду кошо күүлөп чертем деген.
Андыктан комуз ага тагдыр болбой
андыктан ага комуз сыр бербеген.

Айылга барды-келди комуз чертип,
каалаган тилегине жетпей-жетип,
бул адам эл эсинде калмак эмес
бар өмүр жок сыяктуу өтүп кетип.

Ал эми Токтомамбет токтоо бала,
жабыкта комуз турса жетпей карап
бой созуп, көзү жайнап балбылдаган
кезигип Муратаалы, Бурулчага.

Суу куйса төгүлбөгөн таптуу жорго,
жем издеп чалынбастан жайган торго
канында комуз күүсү бийлик кылып
жаш жигит тагдыр издеп чыккан жолго.

## БАТА

Тапталбай күлүк кайдан байге алсын,
суу ичпей чөп каяктан тамыр жайсын.

Эр жигит элиң сенден үмүттөнсүн
жаш күлүк — дүбүртүңө кулак салсын.

Көпчүлүк көөнү толсо — берет бата,
сан күлүк чекке жетип турат катар.
Тирүүлүк байге кылып эмне сайдың
тынчыбай намыс кайда ала качат?

Байкабыл өз күлүгүн — комузду алды,
мына күү! Көл толкуду, шарпылдады.
Эргиди элдин дили, кеч киргени
байкалбай көпчүлүккө таң атканы.

Канатын урду комуз — аска, жарга
камалды жол таба албай карт зоокага
жараткан! Кан чубурду, булак бойлоп
басылды сыздап барып шыңгырама...

Тепкегин, тээгин оңдоп Токтомамбет
чертерде көптөн күткөн келип кезек
комуздун кылы үзүлүп, өзү терден
күтүүсүз куюн жүрүп кеткен дешет.

Абдыгып бала айласын таба албай,
айланта күткөн элди карай албай,
турган дейт эс-мас болуп, эрте үзүлгөн
намыстын кылын кайра тага албай.

Ошондо касиеттүү Кыдыр кары,
комузун сунган экен колуна алып.
Күүлөбөй «Камбарканды» чертип кирген
күлүктүн бүйрү кызып, ызаланып.

Ошондо ай ийменип чыккан дешет,
калайык көз ирмебей уккан дешет.
Комуздун маңдайынан ак шам күйүп
козголбой эл орозо туткан дешет.

Байкабыл сыртка чыгып, качып келбейт.
Жаш бала комуз чертип тердей, тердей
кыргызга кайра уул болуп төрөлүптүр
кыялы алакачып ээлик бербей.

Ошондо уккан күүгө кулак каныл,
ошондо Кыдыр аке колун жайып
комузга бата кылса, жаш балага
ат койгон дешет экен бүт калайык.

Ал күндөн Токтомамбет — Кара Молдо,
ал күндөн Кыдыр берген комуз колдо.
Ал күндөн кыргыз күүсү көөнөрбөгөн
толкуган, тоо жаңырткан узак жолдо.

## БАЙКАЗЫ

Кеч кирип, акырындап каш карайып
жаш жигит алоолонтот арча жагып.
Карылар кыркар тартып төрдө олтурат
качанкы жер куюлда кептен салып.

Ийилип элпек бала ичке талдай,
идиштен эл бошоткон көзүн албай
унчукпай көпчүлүккө кымыз сунат
уюса сөз түрмөгү кулак канбай.

Байказы төрдө олтурган ушул чакта,
айтылган сөзгө маани бербей анча
комуздан көзү өтөт! Тиктей берип
илинип турган жогор жабыкбашта.

Меймандын оюн билип Ороз кары,
ордунан өйдө турду комузду алып

жарыктык салмак менен чертип көрүп
жигитке сунду беттеп тике багып.

Комузду шашпай толгоп, отту карап
ойлонуп сырын айтпай кылды тарап
анан ал күүдөн күүгө өтө берди
токтолбой, тыным билбей, жанын сабап

унутуп Кара Молдо бир жан жоктой,
көзүнүн кычыгына тамчы токтоп
кыргыздын болгон күүсүн чертүүчүдөй
кыялдуу жайнайт көзү ышкы козгоп.

Баланын күүсүнө кулак түрүп,
Байказы балкып барат көөнү жибип.
Комузчу калган эмес ал уккаган
бу чунак башка буудан, башка күлүк!

Комуздун тыңшап турса — доошу башка,
Мындайды уккан эмес мурда, башта.
Дүүлүгүп дене бою ысып чыкты
дайрадай толуп чыкты көзү жашка.

Угулду бул өзүнө тааныш кайрык,
козгоду жан дүйнөсүн бүлүк салып.
Күүдөгү табылгага кулак төшөп
тагдырга турду дагы айраң калып

пенде да! суроо берди беттеп туруп
«Балам бул күү кимдики? «Жаш куюлуп
«Байказы» деп айтканда, эс-мас болуп
байкуш чал жашып кетти жообун угуп.

Ооба, бул анын күүсү — «Сынган Бугу»
атайы келген элден каңшаар угуп.
Эми ал өзү тыңшап, өзү ынанып
ийилди комузчуга кулдук уруп.

«Байказы кайра туулду, эми өлбөйт!
Байказы ажалга эми моюн бербейт!»
деди да, жигитке өмүр тилеп турду
меймандын сыры ачылып үйдөгү элге.

## ЭЛ КЕНЧИ

Арасат, азар-безер өмүр сүрүп
ачыгып көөдөй түнгө кулак түрүп,
кыргызым, каның кызып, ызаң ашып
коңулда канча кылым жашап жүрдүң?

Эр башы канжыгада, кан көөкөрдө
ымыркай туулбай жатып ичтен өлгөн.
Бүлүнүп, үшү кетип, качып-безип
калк барбы кыргыз өңдүү кордук көргөн?

Деп ойлойм, көргөн күнү болсо азап,
не керек бу дүйнөдө арсыз жашап?
Жарыкка келди да бир, кетти да бир
кара жер куйгасына сырың катат.

Жашоонун табышмагы, кайгысы арбын,
талоонго көп калса да кыргыздарым
күү чертип, Манас айтып, бүркүт салып
байгеге кошуп чыгаан тулпарларын.

(Жашоодо тирүү туруп өлгөн жаман)
өз дилин соолтуп салбай сактап аман
кыргызым көп чабылып, талансаң да
көөдөндө күүң барына сыймыктанам!

Суу акпай көөлбүп калса балыр басат,
эл дилин өрчүтпөсө кызыр качат.
Өзгөрүп, өсүп турган бу дүйнөдө
дилинде байлыктуу калк калат жашап.

Молдоке, күүндү черт! Балдар уксун,
күү сырын к ү н ү м д ү к т ө н бийик тутсун.
Кыргыздын тоосун кыйгап, асманында
көкөлөп, көтөрүлгөн улуу кушсуң!

## СЫЯМЫК

Топук кылам — Ала-Тоодой жер кайда
ак мөңгүсүн ала булут чулгаган?
Тулаң туйлап, булак оргуп, куш сайрап
кубанычы коктусуна сыйбаган.

Жай толгондо суур аңкуштап, ит үрүп
мал жайылат, үкү конуп бадалга.
Оролмого чыгып барсаң ат минип
ойдо суулар кокту сайын агарат.

Көбүргөндү шиберде оттоп жайылат
ушул тоону аймактаган топ улар.
Улуу тоолор дем бергендей жаңырат
Током кайрып чертип кеткен «Миң кыял»

А «Миң кыял» акын Током жүрөгүн
дайым таңкы сыдырымдай сылаган,
Кара Молдо черткен күүнүн түнөгүн
туюп акын ата наркын улаган:

Током айткан, тоодой бийик кеп айткан
көөдөнүндө көл туйлаган балага,
комуз үчүн жаралыпсың! деп айткан
комуз чертпейм сен бар жерде садага.

Акын сезген күүнүн алпы турганын,
таазим эткен — чаалыкпаган жоргого.
Чындыкты айткан кирдетпестен ыйманын
элдин соңку келечегин ойлогон.

«Байказы кайра туулду, эми өлбөйт!
Байказы ажалга эми моюн бербейт!»
деди да, жигитке өмүр тилеп турду
меймандын сыры ачылып үйдөгү элге.

## ЭЛ КЕНЧИ

Арасат, азар-безер өмүр сүрүп
ачыгып көөдөй түнгө кулак түрүп,
кыргызым, каның кызып, ызаң ашып
коңулда канча кылым жашап жүрдүң?

Эр башы канжыгада, кан көөкөрдө
ымыркай туулбай жатып ичтен өлгөн.
Бүлүнүп, үшү кетип, качып-безип
калк барбы кыргыз өңдүү кордук көргөн?

Деп ойлоймм, көргөн күнү болсо азап,
не керек бу дүйнөдө арсыз жашап?
Жарыкка келди да бир, кетти да бир
кара жер куйгасына сырың катат.

Жашоонун табышмагы, кайгысы арбын,
талоонго көп калса да кыргыздарым
күү чертип, Манас айтып, бүркүт салып
байгеге кошуп чыгаан тулпарларын.

(Жашоодо тирүү туруп өлгөн жаман)
өз дилин соолтуп салбай сактап аман
кыргызым көп чабылып, талансаң да
көөдөндө күүң барына сыймыктанам!

Суу акпай көөлбүп калса балыр басат,
эл дилин өрчүтпөсө кызыр качат.
Өзгөрүп, өсүп турган бу дүйнөдө
дилинде байлыктуу калк калат жашап.

Молдоке, күүңдү черт! Балдар уксун,
күүсырын күнүмдүктөн бийик тутсун.
Кыргыздын тоосун кыйгап, асманында
көкөлөп, көтөрүлгөн улуу кушсуң!

## СЫЯМЫК

Топук кылам — Ала-Тоодой жер кайда
ак мөңгүсүн ала булут чулгаган?
Тулаң туйлап, булак оргуп, куш сайрап
кубанычы коктусуна сыйбаган.

Жай толгондо суур аңкуштап, ит үрүп
мал жайылат, үкү конуп бадалга.
Оролмого чыгып барсаң ат минип
ойдо суулар кокту сайын агарат.

Көбүргөндү шиберде оттоп жайылат
ушул тоону аймактаган топ улар.
Улуу тоолор дем бергендей жаңырат
Током кайрып чертип кеткен «Миң кыял»

А «Миң кыял» акын Током жүрөгүн
дайым таңкы сыдырымдай сылаган,
Кара Молдо черткен күүнүн түнөгүн
туюп акын ата наркын улаган:

Током айткан, тоодой бийик кеп айткан
көөдөнүндө көл туйлаган балага,
комуз үчүн жаралыпсың! деп айткан
комуз чертпейм сен бар жерде садага.

Акын сезген күүнүн алпы турганын,
таазим эткен — чаалыкпаган жоргого.
Чындыкты айткан кирдетпестен ыйманын
элдин соңку келечегин ойлогон.

Топук кылам — Ала-Тоодой жер кайда
аккан өмүр чоң дайрага куюлган!
Тулпарларын барктай билген эл барда
кыркар тоодо өз бактыма сыйынам.

## НАСЫЯТ

Бул ый эмес — ыйды жеңген кайраттай,
саяпкердей, жаздым атпас мергендей.
Кара Молдо майдалыкка жалгашпай
кыргыз демин жар салууга келгендей.

Күү төгүлөт, ушул ыргак үзүлбөй
түшүп барып өлүм жаткан тереңге
атып чыгат! айбатын көр, күчүн көр
күү ободо боз торгойдой сермелет.

Комуз эмес, бул жүрөктүн добушу
кайгы-муңун жеңип чыккан — жеңилбес!
Тазалыктын көкүрөктөн оргушу
калк ичине жазгы үрөндөй себилет.

Комуз күүсү жеңил желпи шаттыктан
жогор туруп, айкын даана бөлүнүп
даңазалап түбөлүктүү жаштыкты
ай толгондой асманымдан көрүнөт.

Жер менен Күн, Өлүм менен Өмүрдүн
тогошконун туюндурган күч мына!
Сырын ачып бөксөсү көп көңүлдүн
күү атасы жаралыптыр бактыга.

Уккан сайын кубаттанам, дем байлайм.
Уккан сайын уккум келет кайрадан;
тереңдеймин, тазарамын, ташкындайм
күүнүн бүтпөс добушуна айланам.

## ИБАРАТ

Кыялданса кыял учуп жетпеген,
кутман турмуш — ырыс таалай кетпеген.
Канат куулөп «караңгыдан — жарыкка»
канча кылым азаттыкты дегдеген?

Жыргал заман телегейи текши доор,
Жылдыз кармайт жерде туруп сунган кол.
Жалпы журтка жарык чачып балбылдайт
жол башчыбыз келечекке чапкан жол.

Ушул доордун көңүл өскөн добушун
угат, туят залкар гана комузчу!
Сен тыңшачы, ибаратты тыңшачы
сезесиңби жүрөгүңдүн согушун?

Миң сан дилге шаттык батпай толгондо,
эл эңсеген бакытка ээ болгондо,
ибараттай нурдан бүткөн күү келет
ыйын, муңун бүт калайык жойгондо.

Канат куулөп анда көптүн тилеги,
кагып турат калктын мүлдө жүрөгү.
Азуусунан ай жаңырса жаркырайт
Ала-Тоодой кыргызымдын түнөгү.

Ибараттан — өмүрүмдү жашарткан,
ибараттан — көңүлүмдү тазарткан,
ибараттан — салтанаттын күүсүнөн
кыргыз дилин сууруп чыккан азаптан

кубаттанам, эл жыргалда — шаттанам!
Күүгө кошуп кыялымды аткарам.
Уккан дагы укпаган да армавда
ушул күүнү — тирүүлүктү даңктаган.

## ЭЛ ТИЛЕГИ — ТЫНЧТЫК

Азыркыдай курал кайдан мол болсун,
а дегиче тыйпыл кылчу дүйнөнү.
Азап күн ай, адам кандай жолдосуң?
Атом оту даяр дешет күйгөнү.

Согушчандар, кара беттер, мерестер
кайра, кайра куралды ойлоп чыгарат.
Жашоо бүткөн кыргын гана керектей
жерди ууга, коркунучка сугарат.

Кансыз согуш терең жайып тамырын
каргашалуу колун кезеп дүйнөгө
токтотом дейт өнүгүштүн агымын
таркап кетип канды соргон бүргөдөй.

Ушул шартта күкүк өңдүү үндөгөн
олтура албай гүл бакчада жайма-жай,
«Эл тилеги — тынчтык» деген күү менен
комузуңа дил бүтүрдүң кайрадан.

Ах, чиркин, ай! Өмүр барктуу куракта
таттуулугун, кайрылбасын ырдадың.
Ушул жыргал май көл, сүт көл убактын
улуу деми көөдөнүнө сыйбады.

Тыңшаганды термеп ойго салсаң да,
табы жанбас, талыбаган, бууданым!
Тынчтык күүсүн кана чертип калсаң да
тирүүлүккө канбай кеткен кумарың.

## ДҮНҮЙӨ

Өрт чалган, кайгы чалган
күүдөгү арман жалган —

жарыктан көзү өтсө да
жаштыгы элде калган.

Бейити көл жээгинде,
гүлдөбөй жаз келгенде,
жибибейт күн нуруна
термелбейт сокко келге...

Касиеттүү Кара Молдо
күүлөрүң чексиз жолдо
комузуң өзүң бардай
күүлөнбөй чоочун колдо...

Бул комуз өмүр беле —
муңканат мынча неге!
Айланып кеткиси бар
сөөк жаткан бейитиңе.

Комузга толгоо табар.
Эл күүсүн улап алар!
Сиз туулган тоолук элде
тулпардан туяк калар.

Ыналып турсам деле,
өлбөстүк бар дегенге
толкуну жетпейт көлдүн
серпилип бейитиңе.

## МУРАС

«Эл ичи өнөр кенчи» деген сөздүн
эргиткен тереңине көзүм жетти:
кудайы коногуна кол куушуруп
үй ээси черди жаза комуз чертти.

Калтырды терең таасир, башкача элес.
Жаш десең коңур мүнөз, жаштай эмес.
Кубулжуп, ыргак таңшып, бизди он жолу
ыйлатып, жыргатып да канаар эмес.

Дил эргийт — комузчу деп ушуну айт!
Күүлөнүп беш манжасы кылды тарайт.
Көзүңөн жаш чубуруп кетсе дагы
көңүлдө күйүт калбайт, арман калбайт.

Үн сөз жок, жымжырттыктан жай дем алып
күү гана сезимди өрдөйт, коюуланып,
бир саамга сыздай түшүп, үзүлгөндө,
үнсүздүк жаңырыктап улап барып...
Оо, шумдук не деген күү «Көкөй кести»?
Комуздун күчү кайдан буга жетти?
Турмуштун ой-кырына көзү канып
туюнтат тил жетпеген туюк кепти.

Аскар тоом комузуңдан айланайын,
сиз өңдүү билген аздыр элдин жайын.
Аркайган Ала-Тоого чыккансыймын
айтылуу «Көкөй кести» уккан сайын.

Бүгүн да аты-жөнүн эл билбеген
комузчу — сиз калтырган күүлөр менен
күн көрүп, эл оозунан алкыш укса
эрксизден эт жүрөгүң эргийт экен.

## СОҢКУ СӨЗ

Сагымбай, Кара Молдо, Атай, Муса
аттарын атап өтсөң — жүрөк куса...
Тирүүбү? Көзү өткөнбү? айра албайсың
жалпы журт ээлик болгон байлык турса.

Тоо суусу өз дабышын сактап агат,
тереңдик тайыздыктан нечен кабат
Тоолуктун дилин тунук чагылдырган
таланттар элге жетет, элин табат!

Мезгилдин сүзүп далай океанын,
өсө бер, өркүндөй бер Кыргызстаным!
Туурунан учкан кушуң — намыс коргоп
байгеден чыгып берген тулпарларың

туу болоор, тамыр болоор, канат болоор!
Эл дили далай ташып, далай толоор.
Ким калкка кызмат кылды? Ким жан багаар?
Ар кимди өз ордуна коюп коёр.

Кар эрип тоо башында мөңгү калат,
калк өзү керектүүсүн ирген алат,
андыктан көзү өтсө да Молдокемдин
артында кыркар тарткан көчү барат.

## 3. ДАРАК

Кыргыз тоосун жапсарлаган айылдарда нарктуу, нускалуу карыялардын катарлары улам суюлуп бара жаткансыйт. Бул көптөн бери көңүлдү өйүтүп жүрүп «ДАРАК» деген ыр түрмөгүн жаздырды. Анда сиздин назарыңыз ошол ыр топтомдун айрым ырларына бурулсун, сүйүктүү окурман!

### БАЙЛАНЫШ

Кирип-чыгып, ич арадан иш бүтүргөн мээнеткеч
карыялар калкыбызда байланышты үзүлбөс

издеп турам! Элдин дили башат болуп байыртан
бир маанини туюнткансыйт Ата-бала деген сөз.

Адептүүлүк бардаштуу элдин касиети — карынын
айткан сөзү, Ата кеби алгылыктуу баарыга
таазим этип, ачып эшик, төргө өткөрүп, ызаттап
ак сакалы ар бир үйгө урмат болгон Карыя.

Көкүрөккө кыт куйгандай уюп калат айтканың.
Балдарыңбыз, неберeңбиз элдин жакшы жактарын
бизге таандык салт-санааны алып калуу, улантуу
ак мөңгүдөй элге лазим өмүр сүрүп жатканың.

Жөнөкөйсүң: атак, байлык, мансап менен ишиң жок
элде болгон берекеге ар убакта көөнүң ток.
Көз думбалап көр дүйнөнү көзөмөлдөп кайтарткан
жүрөгүңдө, турпатыңда мисирейген кулпу жок.

Ак пейилдүү карыялар капа кылып алабыз,
барган сайын биз саламды сейрек айтып барабыз...
Антсе дагы барды-жокту турмуш өзү көрсөтүп
муундун муунга өзөктөшүп тургандыгын караңыз.

## АЛАР ЖАШАЙТ

Таңданам, сакалдарын кыроо баскан
карылар, эрте ойгонгон уйку качып
мал жайлап, же таң менен чалгы тарткан
тынчтыгын убагага өзү алмашып.

Келишип улуу өмүрдүн кыйрына алар
көшөөрүп жан үрөшөт тыным албай.
Эртең го эл оозунда калса калаар
а, бүгүн жашайт жерде өчү бардай.

Чилдеде суукту баамдайт үркөр көрүп
жазында короосунда кою төлдөйт.
Алардын көз алдында көктөм өнүп
чабактар ташкындаган дайраны өрдөйт.

Табылып бүткөрүүгө «жумуш» деген
ментинен тайган чал да тыным албайт.
Кемпири алп урушуп шырдак менен
мээнеткеч көнгөн колдон ийик калбайт.

Жыбылжып арыкта суу тынбай агат.
Тоолордо кербен тарткан таңдар жаңы.
Жазылып бүтпөй турат актай барак
турмуштун колдон түшпөйт калем сабы.

## АТА ЖАЙ

Атабыздын айылдагы үйүнө
бара албадык, байыр албадык күнүгө.
Антсе дагы айлап-жылдап чогулсак
эски тамы жетине албай сүйүнөт.

Көлдөлөңдү төргө жая салынып,
чоң кемселин буластата жамынып
салам айтып, кирип-чыккан көбөйсө
чүрпөлөрүн өөп-жыттайт жалынып.

Кыз-келини самоорго чай кайнатса,
байбичеси базарлыкты жайнатса
дүйнө түгөл... куруп кеткен карылык
бүйлөсүнө жемиш салып чайнаса

мазе кылат... Көңүл деген көңүл го
олтургандар бутагы го, өмүр го!
Чүрпөлөрү эркелесе «аталап»
өзүн сезет куш айланган аскар тоо.

Турмуш кызык: чоңойсок да бир үйдө
тагдыр жолу жеке тура ар кимге.
Туш тарапка тарап кетип кезикпей
кусалыкка чырмалабыз кай бирде.

Ата жайы жылуу тура, кең тура
баарыбызга телегейи тең тура!
Аман-эсен келип кетсек кез-кезде
ал да өзүнчө кайрат тура, бел тура.

Өзүбүз да көөлбүп, толуп, чогулуп
өйдө-төмөн сөздү баштап оолугуп,
кубаттанып калдык окшойт кыйлага
кут орногон уябыздан жолугуп.

## ЖАҢЫ КАР

Жаңы кар жаап салгыча ойго, кырга
кеч күздүн санаасы эзет мени жылда.
Атамды эстей берем айылдагы
кыбырап эл ичинде оокат кылган.

Жарыктык, жазмыш нуру тээ кеч тийип
көрүпсүң балдарыңды зарлап жүрүп,
боздопсуң — тоого, ташка жалбарыпсың
топ баштап кырды эңкейсе Ата кийик.

Сиз карып, биз кечигип боор көтөрдүк
шайдоот-шат, жетип-жетпей, өсүп-өндүк;
жүрөгүм сыздай түшөт — эл жабыла
бошотсо өзүңүзгө туруп төрдү.

Карылык буурсун салды чекеңизге
курбуңдун азы тирүү, көбү жерде...

Кай күнү күңгүрөнүп сүйлөбөйсүз,
жооп айтпай акыл сурап келген кезде.

Узатып, батаар күндү жалгыз карап,
ак кирген сакалыңды ыза тарап
ат минип бастырганың, бараткаының
атаке карегиме уюп калат.

Кеч күздүн чыкыроону, коюу чаңы
кеч күздүн куурап калган жалбырагы
кошулуп муңдашып да, сырдашып да
күтүшөт асмандагы жаңы карды.

## ДАРАК

Саябалуу жашыл дарак,
көлөкөңдө балдар ойноп
жазда куштар уя салат.
Кучактасам кучак жетпес
саябалуу картаң дарак —
сен жыгылсаң бул аймактын
керемети кемип калат.
Сабагың, бутактарың канча болсо
тамырың жер алдында дал ошончо
дүркүрөп өсүп барып,
чачырап жайылгансың!

Шуудурайт канаттарың,
жалбырак жашырса да
саамайдын көрөм агын.
Өттү го далай заман
эскерилбей, эсте калбай...
Тунжурайсың эмнеге эле
чырпык кезден сени тигип
жерге кеткен картаң чалдай.

## ӨТКӨН ӨТТҮ

Өбүрөсүн-чөбүрөсүн өстүрүп
өзү өбөктөп өчүп барат карыя...
Өзгөгө калп: өткөн өттү, өзгөрдү
өжөр мезгил сиңип чачтын агына.
Өлүм көркоо өчтү сенден алаар деп
өөп-жыттап балдарына жалынат.

## БҮДӨМҮК ОЙ

Сиз кары, мен мизденген өткүр жигит,
олтурам сөзүңүзгө кулак түрүп.
Атакем — аксакалым, сары тиштүүм
айтсаңыз неге мынча санаа күлүк?

Үйүңдө дөөлөт, шаттык баары толук
олтурсаң канатыңды жайып коюп
балдарың айланаңда чурулдашат
эмнеге кеттим, билбейм, капа болуп?

Каяктан мен жашыңды санап ийдим?
Каяктан бүдөмүк ой көңүлгө илдим?
Көөдөнгө кайгым толуп, казыла элек
караңгы жайга узатып кайдан кирдим?

Заматта мууну-жүүнүм бошоп кетти,
шамы өчкөн кара санаа кыйнады, эзди!
Үйүмдүн алтын казык ак жарыгы
каяктан жер куюлга түшүп кеттиң?

дегенче... ой чырмалып көзүмдү ачсам...
олтурат жети атамдан калган Атам.
Сезилди, карый түшкөн сыяктанды
туюлуп туюктагы каткан капам.

Тигилди, бир сөз айтпай уяткарды,
алдымда тоо тургандай сыяктанды.
Атаке, «Ата Мекен» деген сөздүн
тек жайы мага ачылып азыр жаңы

сиз өткөн сексен жылдын суусун сыгып,
тамырлап баргым келди тоого чыгып.
Мөңгүдөй ак сакалдуу карылыктан
күч жыйнап, эге болоор акыл жыйып.

## БЕЛЕК

Кыргында кылы үзүлгөн
комузду бир жетим чал катып жүргөн.
Мукам кайрып уулу черткен
бул комузду аза күткөн...
Сактап жүрүп быйыл жайда
белек кылды чоң мектептин
каралашкан балдарына:
куюлуп мончок жашы,
чубуруп сакалы ылдый
аргасыздан
агып жатты муңдуу дайра.
Жетим чалдын ысык жашы,
кулап комуз кылдарына,
таамп комуз капкагына
сөз айтууга дарман калбай
кулак тунган жымжырттыкта
кулап жатты жашы гана...
кулап жатты жашы гана...

Жаш балдардын карегинен
ээ боло албай салмагына
кулап жатты муңдуу дайра...

## ҚАРЫЯНЫН СӨЗҮ

Сөзгө кулак түр уулум,
жети атаңды бил уулум,
жети кылым тереңдеп
жетил, өмүр сүр уулум.

Жети атасын билбеген
жеңил — камгак сыяктуу;
Элди эсине илбеген
элес албайт уятты.

Ташкындаган дайра да
турат кээде тартылып:
аска ичине, артына
аккан нугун калтырып.

Қара жерден капилет
канча муундар өтпөдү.
Қайра жаңы сезилет
кайткан жаздын көктөмү.

Уулум сен да ушундай
улуу көчтү улаган,
уйгу-туйгу дүйнөгө
убарлашкан бир адам.

Өмүрүңдү өткөнгө
өзөгүн таап жалгаштыр.
Жети атаңды бил деген
сөз бекерге калбаптыр.

# КАЙРЫЛУУ

*Рамистин ырларынын шаттыгы*
*ракматын айтып бүтпөй мезгилге,*
*ракета учурганда жаштыгын*
*радио кабарлаqа көп тилде...*
*Реваншист да, реалист да соолугуп*
*радиоактивдүү коркунучка кездешет.*

# I

## ЭРДЕМСҮҮ

Ашууга бутум жетти,
аркарлар ашып кетти.
Жапсарга колум жетти
жандуулар качып кетти.
Кулаттым карт кулжаны,
сулаттым... тамып каны...

Качканда үгүп түшүп
үмүтүн толук үзүп,
тосоттоп тосуп аттым
тоолордун куту качты...

Ааламга серең салбай
армансыз кумар жаздым!
Атайы сес көрсөтүп,
асманды көзөй аттым!
Колотко корголошуп
козголбой булут жатты.

## СЕСТЕНҮҮ

Эмне үчүн адам бүгүн,
жаңыдан жердин жүгүн

бөлүшүп көтөргөндө
чакырык толуп кеткен
«сакта» деп, «унутпа» деп
кайрылган бүт дүйнөгө?

Мухиттин тереңинде
дарт барбы айыкпаган?
толкунду жаралаган —
ушуга себеппи адам?

Бул жарат булуттагы
жамгырдын арасынан
жарылып уу чубурган
кимдерге калган мурас?
Ойлосом, көрүп турсам
чыйрыгам, муздай түшөм
көңүлгө табы жетпей
кылкылдап, кызарып күн
күүгүмдө батып кетсе.

## ЖЕР КҮЧҮ

Тартылуу күчүн жердин
жеңүүгө болот экен:
Христос туулган күндөн
миң тогуз жүз алтымыш бир
жыл өткөндө,
12-апрелде,
жаш көктөмдө
совет эли — дүйнөгө далилдеди:
учту «Восток»!
Бул бир укмуш күн болду түшкө кирбес,
миң жыл эмес, элестетип
бир күн мурун туюп билбес!
Башталып чексиздикке алгач кадам

андан бери жердин жеңип тартылуусун
жергеме кайтып келди далай адам!
Акыл жетпес учкул заман!
Учкул заман —
жеңдиң жердин тартылуусун
өмүрүм узардыбы, кыскардыбы?
Мен эртең келечекте
кайда барам?

Учкул заман —
бир үйүм жер, бир үйүм аалам болуп
бир туруп үшүм кетсе
бир туруп сыймыктанам.

Мына ушул жер күчүнө баш ийбеген мейкиндиктен
ааламга, келечекке көз жиберсем
ачып бүтпөс көп сыр жатат;
кыялдай, үмүтүмдөй чексиздикте
жымыңдап сансыз жылдыз жарык чачат!
Бирок сүйүүм, жашоом, менин сагынычым —
адамдарым жерде калган!
Салмаксыз көтөрүлүп кең космоско
уялайт акыл-ойду, кирип-чыгып кумурскадай
өзүңөр табыштаган сансыз суроо.
Кадалат эки көзүм жер тарапка:
мейкинге сугум артып турган менен
тамырлайм, тамырлап турам жалгыз жерге гана!
Жердин бүгүн тартылуусун жеңген менен
биз согуштун коркунучун жеңе элекпиз:
ракеттер, акыл-ажал тирешип турат катар,
электрондун жетегине моюн сунган кнопкалар
мейкинден бир карасам жашоонун үшүн алып чоңдук
кылат,
жердеги тирүүлүктү бир заматта тыйпыл кылчу
коркунуч көз алдымдан кетпей турат.

Тигилип жерге карайм, караймын жерге гана:
төрөлүп ыцааласа бүгүн да сансыз бала,
ушинтип төрөлсөк да жаңы кайра,
эмнеге эле өзүмчүлдүк кетпейт бизден?
Эмнеге эле арылбайбыз ач көздүктөн?
Колубуз жетсе дагы асман айга
Христостон мурунку наадандыктын желесине
адамзат чырмалат не кайра, кайра?

Жерди ойлойм, тигилип жерге карайм, караймын жерге
гана
кайрылам ар бириңе, курбум сага, ооба сенин өзүңө,
болмоюнча дилиң таза, абийирдин тартылуу күчүн
туймайынча,
чабыттап кете албайбыз мейкиндикке,
кол сунуп жете албайбыз келечекке
андыктан көтөрүлүш парз өңдөнөт
ар бир адам,
эң алгач абийир деген бийиктикке!

## ЫЗАЛАНУУ

Кошунам да ишмер адам, мен да ишмермин
Өз жанына ал дагы тың, мен да андан
кем эмесмин:
ал үндөбөйт, мен да үндөбөйм
ал салам бербеген соң,
мен дагы салам бербейм.

Өзүң эле талдасаң коңшу досум,
мунубуз кайдан болсун жакшы жосун.
Ошентип өзүмдөн бут улууларга
салам айта жүрүшүм парз экенин
туюнганда, Кочкордо жана Тоңдо —
«Кольцовкада»

андан бери жердин жеңип тартылуусун
жергеме кайтып келди далай адам!
Акыл жетпес учкул заман!
Учкул заман —
жеңдиң жердин тартылуусун
өмүрүм узардыбы, кыскардыбы?
Мен эртең келечекте
кайда барам?

Учкул заман —
бир үйүм жер, бир үйүм аалам болуп
бир туруп үшүм кетсе
бир туруп сыймыктанам.

Мына ушул жер күчүнө баш ийбеген мейкиндиктен
ааламга, келечекке көз жиберсем
ачып бүтпөс көп сыр жатат;
кыялдай, үмүтүмдөй чексиздикте
жымыңдап сансыз жылдыз жарык чачат!
Бирок сүйүүм, жашоом, менин сагынычым —
адамдарым жерде калган!
Салмаксыз көтөрүлүп кең космоско
уялайт акыл-ойду, кирип-чыгып кумурскадай
өзүңөр табыштаган сансыз суроо.
Кадалат эки көзүм жер тарапка:
мейкинге сугум артып турган менен
тамырлайм, тамырлап турам жалгыз жерге гана!
Жердин бүгүн тартылуусун жеңген менен
биз согуштун коркунучун жеңе элекпиз:
ракеттер, акыл-ажал тирешип турат катар,
электрондун жетегине моюн сунган кнопкалар
мейкинден бир карасам жашоонун үшүн алып чоңдук
кылат,
жердеги тирүүлүктү бир заматта тыйпыл кылчу
коркунуч көз алдымдан кетпей турат.

Тигилип жерге карайм, караймын жерге гана:
төрөлүп ыңаалаcard бүгүн да сансыз бала,
ушинтип төрөлсөк да жаңы, кайра,
эмнеге эле өзүмчүлдүк кетпейт бизден?
Эмнеге эле арылбайбыз ач көздүктөн?
Колубуз жетсе дагы асман айга
Христостон мурунку наадандыктын желесине
адамзат чырмалат не кайра, кайра?

Жерди ойлойм, тигилип жерге карайм, караймын жерге
гана
кайрылам ар бириңе, курбум сага, ооба сенин өзүңө,
болмоюнча дилиң таза, абийирдин тартылуу күчүн
туймайынча,
чабыттап кете албайбыз мейкиндикке,
кол сунуп жете албайбыз келечекке
андыктан көтөрүлүш парз өңдөнөт
ар бир адам,
эң алгач абийир деген бийиктикке!

## ЫЗАЛАНУУ

Кошунам да ишмер адам, мен да ишмермин
Өз жанына ал дагы тың, мен да андан
кем эмесмин:
ал үндөбөйт, мен да үндөбөйм
ал салам бербеген соң,
мен дагы салам бербейм.

Өзүң эле талдасаң коңшу досум,
мунубуз кайдан болсун жакшы жосун.
Ошентип өзүмдөн бут улууларга
салам айта жүрүшүм парз экенин
туюнганда, Кочкордо жана Тоңдо —
«Кольцовкада»

карыяга салам айтсам,
ал жарыктык мас өңдөнөт
эшегине минип алып
кыдыңдатып жөнөй берди.

Ызаландым.
Ичсе-койсо ар кимдин эрки дечи...
Мисалы үчүн «Өрүктүдө»
өлүк ыйын тойго айлантып
какап, кусуп, эстен танып
калың айыл көк бедедей
жуушаганын даана көрдүм.

Сүйлөнсө, бул да өзүнчө бир узун сөз
көңүлүм чаппай калды, кудай алсын
шарт келсе да бир күнү сүйлөшөөрбүз.

## ЖЕҢИЛ ЫРГАК

Биз моданын балдарыбыз
өзгөрүлмө, өзгөргөн.
Бир көйнөктү эскирткиче
бир топ турмуш өткөргөн.

Гитарадай кыялкечпиз
миң кубулат шымыбыз.
Турмуш деген кийип, чечкен
оюнубуз, чыныбыз.

Састумоодой бүт дүйнөгө
тез таралып кетебиз.
Бат оорутуп, бат сакайтып
элди аралап өтөбүз.

Шайырлыкты, шайдооттукту
жалгаштырат биз менен.

Кошо кызыйт бирге жүрсө
шарапты да ичпеген.

Түбөлүктүү нерселерди
издей берсин издеген!
Өзгөртүштү туу көтөргөн
кошо кетсин биз менен.

## БАЗАР

Ай, базар ай — сенден шайдоот, сенден
шайыр
шаарымда кайсы жай бар, күз келгенде?
Чериң бир жазылат-ов! Моокум канып,
айылдар төмөн түшүп күз келгенде
байлыгын жыйнап, терип чып чыргасыз
өзүңө бүт бергенде!
Көөнүң бир ачылат дейсиң каник базар,
канкет таба түшөт алып сатар
береке — алма... жүзүм... анар... дарбыз!
тизилип катар... катар...
биринен бири ширин,
биринен бири таттуу
бирин тыштап, бирин алгыс —
күздүн мээрман дасторкону!
Күзгүдөй жылтылдатып сүртүп коюп,
жасалма мүнөз күтүп, сылык болуп
бирөөдөн сатып алып, бирөөгө сата коюп
колтугуңдун жылуусунан
жай тапса да алып сатар
баары бир эл көңүлү куунак жүрөт
күздүн түгөл берекесин
эшигиңден төргө чейин
жайып салып, жайгактасаң
жадал тарап кетет базар!

## СУНУШ

Кадим танктай, кыймылы туюлбаган таш бакадай,
кара коңуз сыяктуу тарбаңдабай
колу-буту көрүнбөгөн кырсык келет, кырсык келет
байкатпастан шаарды карай.
Абанын таңдайында эрип кеткен,
дем алган ар бир тирүү денеге өткөн
түтүн муунтат: машинанын уюп газы,
көмүрдүн көтөрүлүп коюу чаңы
көк чөптү да, Адам сени биринчи ирет!
сыздатат жол бойлогон дарактарды.
Толук бойдон жоюуга болбос аны,
күнүмдүк турмушубуз:
жүргүзбөй салгыбыз жок машинаны.
Бирок Адам ойлосоң, ар бириң туйсаң, сезсең, күрөш ачсаң
абаны уудан бөлүп алыш үчүн
арга барбы?

Жашыл шаарым куштарга бай,
тыйын чычкан секирип ойноп жүргөн бактан бакка,
жаш балдардын күлкүсүнө толуп турган бала бакчаң
жашыл шаарым, биринчи ирет асманыңды, абаңды
жашоого тийишмин мен таза сактап.

Айдап чыкпай «Жигулини»
мен жөө басып, же тээп алып велосипед
ой деңизин каалгый сүзүп
кызматыма баргым келет.
Бул оюм жөндүү болсо, шаардык курбум жакса сага
кенен, шайдоот көчөлөрдүн бардыгында тайраңдатпай
машинаны
бергим келет — көчөлөрдү, гүлзарларды
велосипед тээп алышып, же жөө басып
кызматка баргандарга.
Дүйнөкордун оорусун ыраа көрбөйм шаарым сага!

Булганбасын жуткан аба,
уу эненин эмчегинен сүт аркылуу
өтпөсүн укумуңдан тукумуңа,
балыкка — суу, жашоо үчүн жер үстүндө
дайыма таза болсун жуткан аба.

## БИЗ АРБЫНБЫЗ

Жерде курал көбөйгөнү,
жер ченебей кичирейди,
кадим эле дарбыз өңдүү
даяр турган курал менен
капилеттен бир урса эле
тең бөлүнүп кетүүчүдөй!

Көздөрдүн чарайнасы,
колдору, адамзаттын акыл-эси
алдастап курал жасап
алигиче өчү бардай өзүнө-өзү
куралданат,
куралданат,
куралданат.
Баарыбыз түйшөлөбүз:
ааламды чалгындаган адамзаттын
көргүбүз келет — сергек акыл-күчүн;
жан үрөйбүз тынчтык үчүн.

Катмарлап кыртышты улам кыртыш басып,
чалкыйт жер өз боюна байлык катып.
Жашоодо тагдыр бирге күрөшөбүз:
алиге жер бетинде
«еңүгүү» деген сөздү
деле көп айткан менен
себебин биз билбеген кайгы муң бар;
алиге ачарчылык жоюла элек;

алиге ачыла элек далай сырлар,
адамдын сезиминен
абага чейин бүгүн баарын сатып
бирөөнүн эсебинен
билинбей байып жатып
адамды душман тутат далай жандар!
Антсе дагы
биз арбынбыз —
адамдар күндү сүйгөн,
тынчтык сүйгөн,
өмүрдүн баркын билген,
булактын тунуктугун ураан кылып
тынчтыктын улуу күүсүн чертип жүргөн.
Жашайбыз жүздөн ашык өлкөлөрдүн аймагында
жашоону ууга, чаңга тебелетпес
жапжашыл жер бетине тынчтык керек!
Күтпөйбүз, ким бирөөдөн сурабайбыз,
күн нуру тийип турат жаныбызда,
жашоонун деми чуркайт каныбызда —
тынчтык үчүн күрөшүү
аба-суудай
айланып кеткен небак
күндөлүк жашоодогу зарылдыкка.

## АКЫНДЫ ЭСКЕРҮҮ

Неруда акын
супа салган таң алдында,
денесин эркин жайып шамалдарга
олтурат да,
куштарды эркелетет,
эркелейт куштар дагы бул адамга.
«Чилинин куштары» деп жар салат ал
дүйнөнүн эркин учкан бүт куштарын:
түшүнүп, билип туруп бул куштардын

бүт дүйнөгө
        жана да
            чили элине
бирдей эле таандыктыгын.

Акындын ыры аркылуу
жер шары тагдырлашкан Чили менен.
Туюп турат сызылган көздүн жашын,
кубулгөн дарактардын жалбырагын.
                    Көзү өттү Неруданын,
                    көзү өттү Альенденин!
Биздин жерге толукшуп күз келгенде,
Чилиде жаз ордуна,
түнөрүп асман кайра
азаптын келди кышы —
ачылып сансыз түрмө.
Чилилик курбум сени
колдоймун,
    күрөшөмүн,
        туу аламын
Революция уланып жатат —
Луис Корваландын
күрөшкө мол өмүрүнөн үлгү аламын.
«Кара аралдын» жээгинен
кайраттуу Неруда акын
миң тогуз жүз кырк үчүнчү жылдагыдай
мылтыкка — эркиндикти каршы коет
жеңишке ишенимдүү мурдагыдай.

## II

*Ыгын таап жеке басып албай турган,*
*ыйыктык — ач көздүккө барбай турган,*
*ык салбай, ыклас коюп, ыйык тутаар*
*ыйманга ылаажы болор деги эмне бар?*
*Ылымсыз — сулуулукту чындык тутуп*
*ылайсыз — д и л д и т а з а сактап калаар?*

## КАЙРА ЖАРАЛ

Суналган кол оролсо да жылдызга
жерде бакыт: орносо да бай заман
ар бирибиз кантип, жеке турмушта
ажырымсыз бой тарттык деп айта алам?

Кебелбейбиз — өмүр өтүп жатса да
ыксыратып уйку басат денени.
Байыркы эле каталыктар — кайтадан
жер айланса доорон сүрө береби?

Текеберлик жөө тумандай сүрүлүп
качан адам көтөрүлбөйт адамга?
Беш көкүлдөн зарде зээни билинип
качан тилек айкын болот кадамдан?

Ар бир адам өзүн кайра жаратып
туулган жерге кызмат кылса — жүк болбой!
Арабызда бирге кетип баратып
адашкандар арбын экен түз жолдо.

## АЧЫК СӨЗ

Бала туруп байышты ойлоп алыпсың,
көрүнө эмес көмүскөдө жарышкың

келип чунак, кол-шал түшпөй, мээнетсиз
көңүл кирдээр буйтка жолго салыпсың.

Арамдыкка көнүп көөнүң, жүрөгүң
мунарыктап дүйнө жыйган түнөгүң,
көңүл тойбойт, көзүң улам оп тартат
көк иримден пайда сузуп билегиң.

Ким экениң, адамдыгың билинбей
зыңгырайсың, зындан болгон үйүңдө
кирип чыккан бир адам жок... аралда
калган тамга кара дөбөт кийирбей.

Бул заманда дүнүйөгө ким таңсык?
Туз алышпай кошунаңдан бир кашык
куруп калгыр неге элден бөлүндүң?
Курчап турган муздактыкта не жазык!

## АЛЫМКОР

Базар демдүү, баракаты токтобой
моюн сунуп дөөлөтүнө акчанын,
сылыктыгы чын пейилге окшобой
соодагердин соода жасап жатканын

көрүп туруп бир тыйындын артынан
анталаңдап төмөн түшүп кеткенди,
ал адамдын — сөз табылбайт айтууга!
аксымдыгын, ач көздүгүн жектедим.

Бир өмүрдү соодалашка келгендей
алымкордук — алсыз кылган, кул кылган.
Жан дүйнөсүн кордоп кете бергендей
жарым тыйын ашык кармап пул сунган.

Түтпөйм бирок — курсагыңа башыңды,
асыл башты арсыз кылып чөгөрсөң
анда канттик, унуткарсак атыңды!
Адам жалгыз жан багууга төрөлбөйт.

Жетет, жетпейт. Кызыгы ушул турмуштун
кан базарды аралайбыз, кайтабыз.
Жер түшүмү — бизге бүткөн ырыскы
жер турмушу бойдо кумар таркагыс.

## КҮЗГҮ БАКТА

Тартылып табы кайткан күн нуруна
таарынып салкын тарткан күзгү шаарды
карасаң, желге бийлеп, берметтенип
бактардын күбүлүптүр жалбырагы.

Келгин күз канат сермеп жөнөй берет
кайрылгыс, кайталангыс таңдар канча?
Чуркагым келип турат. Көңүл чөгөт
саргайган жалбыракты шуудурата!

Тигине! Бир бейтааныш бак аралайт,
шыбырттап кадам сайын аяк — алды.
Шибер да, жалбырак да, бактын ичи
көнүмүш күз кайгысын күүгө салып

муңайым жаңырыктап ыргак тарайт.
Суктанам адамга мен. Сыры барча...
Ал урган, жай таппаган... жаш арчага
жашынып бөтөлкөнү бошотту да

кор тутуп күздү дагы, өмүрдү да
коодукту тепсей кечип кетти кайда?
Шаар калды... күздүн сары жалбырагы...
чыйрыгып... шамал айдап... туйгуланды...

## БИР САБАК

Адам жерге төрөлгөндөн жалгыз деп
калк ичине жаңырыктап тарайт кеп.
Сени өзүңдөй экинчи ким түшүнөт,
жашамай бар жалгыздыкта кайгы жеп

дешет, мүмкүн бул сөздө да чындык бар
кайгы келсе, кабагыңа жааган кар
сага таандык — өлүм өңдүү, кантели
анткен менен жалгыздык ар башта бар.

Жан түтөтүп барган сайын күч алган
бул жалгыздык тагдыр жеке ыйгарган
балким ушул улуу зор күч болбосун
ортодогу биримдикке жол салган.

Өткөрбөгөн жылгыздыкты башынан
кантип сүйлөйт көпчүлүктүн атынан?
Ушул тозок — эл ичинде күн көрүп
жалгыз күлүп, өзү жалгыз жашаган.

## ӨКҮНҮЧ

Кээде адамдар мажүрөөбүз, майдабыз
майдалыктан куруп калат айлабыз;
Эл ишинен жакыныраак көрүнүп
өз көмөчүң! көздөгөнүң — жан багыш.

Чырмоок өңдүү чырмалышып чыгабыз,
жан түтөгөн иш жасайбыз чыдагыс.
Жазгы аңызга малды киирип жиберип
көктөм ыйын таба кылып турабыз.

Өзөн, сууга бөлүнүшүп — жектейбиз!
Бир өчөшсөк өмүр бою кектейбиз.

Чабак урган аракетти күнүлөп
кечмеликтен аркы өйүзгө өтпөйбүз.

Дөөлөт күтсөк мас болобуз шараптай.
Кара өзгөйлүк айткан сөзгө жарашпай
жолду тороп, мүнөз күтүп чыгабыз —
мээнеттүүнүн ырыскысын талашып.

Баштан өтүп байыркы эле каталык,
кемчиликтер келет кайра аталып.
Адамдыктан карал таппай, кантели,
кай бирибиз өмүр сүрүп жатабыз.

## КУРБУЛАРГА

«Миң-Булактан» бир топ бала
бирге оргуштап чыктык дагы
таза, тунук, шайыр бойдон
тарап кеттик сан жылгага.

Курбуларым! Коңгуроолуу ак мектепке
биз экинчи кайрылбадык.
Жем таштадык чоң дайрага
колго кармап ар бирибиз
бул турмуштун кайырмагын.

Жашоодон ар кимибиз сабак алып
чечеңибиз жоош болуптур, момунубуз дөөлөт күттү,
басылып ойноок күлкү, жоюлуп узак уйку
калтырыппыз кыйла жолду.

Асмандын булутундай
өткөн күн мунарыктап,
эскере келген кезде
койбойсуң улутунбай.

Бирге окуган жолдоштордун бир-экөө ичип кетти,
ким бирөө машине алды, керилтип тамды салды
буйдалып көр оокатка
бакалоору кыймылдабай
пейил күтүп жашап калды.

Биздин эле арабыздан
атак менен кызматтын аркасынан
сары изине чөп салып Кожожаштай
сая түшүп кууп алган
чыкты адамдар.
Биздин эле курбулардан
улам эрге тийип чыгып,
улам аял ала берип
жүргөндөр бар орун таппай
куруп кеткен бу турмуштан.

Үмүт үзбөйм — адамдан, оңолушаар!
Аттиң-ай, өкүнүчтүү
баарыбыздан эрке өскөн кыз
кара жерге эрте кетти...
ушул жаман!

Болгула аман, курбуларым!
Эл жүгүн моюнга алган
мугалим, чарба адиси, тоодо чабан
шаарда да, кыштакта да
эл ичинде, жүргүлөчү
эсен-аман!

## КАЙРЫЛУУ

Ага-тууган,
ким эле жаман көрсүн элин-жерин
атадан нуска калса, караан болуп
артыман уласа дейм инилерим.
Сөз бүтпөйт муну менен.

Сыйчыл болсо болгондур ата-баба
бирок биз кыйды болуп алдык окшойт
колуңан келсе — тууган, келбесе — жат
таразанын ташы өңдүү
кылтылдап карап турат салмагыңа.

Мен өзүм терди сыгып кагаз жазам:
берерим аз ырдан бөлөк,
жашап жатам. Курсагың ток кай бириңе
ыр эмес эл башаты соолсо дагы
күнүмдүк жыргал керек
муну сезем.

Аттиң десең,
айтылчу сөз бир айтылды,
ар кимиң жоругуңду өзүң талда.
Жан багуу эмес, эл камын ойлоп өссө
биз үчүн ошол ийги
артта балдар.

Инилерим,
кагылайын каралдылар,
силердин көзүңөргө
Ата журт куш учуруп, уя салаар.
Силер кытмыр, силер энөө болбогула,
силер жалкоо болбогула
эл намысы силерсиз соолуп калаар,
кагылайын, каралдылар!

## ШААРДЫН КӨРКҮ

Самолеттун уччу аянты,
машина чууруп өткөн түз көчөлөр,
оюн-шоок өткөн залдар, катарлашкан кабат тамдар,
ТЭЦтин мунарасы, ар бири ойлойт — өзүн ойлойт!

көтөрмөлөп өзүн-өзү,
унчукпаса шаардын калкы
мен болом деп жарыялайт
улуу шаардын атак-даңкы!
Менсинет мейманкана!
Эгерим кызып алса, бербей ээ-жаа,
баардан да буга эмне жок, буй түшүрөт,
көбүктөп көпкө дейре пивокана!
Түйшүктөн кутулбаган Автовокзал,
сооданын кынуусун алган шаардык Базар,
митайымдар! Ишин жоктой чыр менен, чатак менен
кайдигер. атак-даңкка... сыртынан карап турсаң...
жашап жаткан сыяктанат,
өзү менен өзү гана.
Андай эмес,
бардыгында менсинүү бар — даңк көксөгөн,
айрымы кутула элек ач көздүктөн.
Оюна койсоң эле
ажырап кеткиси бар биримдиктен,
даңктангысы келип турат
ар кимиси өзү менен.
Мисалы үчүн мобу чоң жол
бир аз эле укук берсең,
тамырын бирден жулуп дарактардын
оп тартып даяр турат кеңейишке.
Шаардын көркү — Биримдик:
аба, дарак жана эмгек,
бала бакча, жаңы, жаңы курулуштар
көпчүлүк куруп жаткан чеке тердеп.
Жашыл шаарым!
Жаш сулуудай сүйөмүн жаңы тамды —
курулуп бүтө элек, мына шаардын накта көркү!
кандай болот, а ким билет?

Шаардын көркү — келечеги:
көмкөрүлгөн тунук асман,

карапайым замандашым
бир-бирине көмөктөшүп
көңүл куунак жашап жаткан.

## ТҮЙҮН

Жер айланып, а күн тийип турбайбы!
Менин кайгым, кайдан бүткөн, не кайгы?
Эл ичинде өмүр сүрүп, күн көрсөң
жашоодогу бактың ушул турбайбы!

Ооба чындык, көңүл козгойт сөзүң бул
жооптон келбейт курбум четтеп, кутулгум:
өзүмө өзүм, абийириме ак болуп
сулуулуктун кушун келет учургум!

А, сулуулук, кол жетпеген сулуулук —
адамдарды бедел туткан улуулук:
алар үчүн өмүр сүрүп, күн көрүү
табышмактуу тирүүлүккө сыйынып.

Ушул тилек улам күчөп келатат!
Өмүр дүрбөп күн чубурган белди ашат.
Кечиримсиз — өзүң үчүн күн көрүү
жер бетинде бир жаралып, бир жашап.

## ДИЛДЕГИ ОЙ

Жылдызы жаш кыялдын бийик көктөп
жашоонун таттуусунан ачуусу көп.
Ийненин көзүндөй жол, канчалык оор
жашоону жашап туруп, сүйүп өтмөк.

Арданып, ызаланып жолдо турам.
Акетай, өмүр бою далбас урам:

Сүйүү — күн чачыраса кең асмандан
муктаждык неге сага кулдук урам?

Адаммын — адамдыгым — намыс, арым.
Жүрөгүм — сүйүш үчүн бүткөн жалын.
Андыктан кур иштерге көп буйдалбай
жаш жүрөк бугуң тарат, жалбырттагын!

Издебе, пайда издебе, аласаң жок
изилде — бересең көп, пейилиң ток
жашачы, какчы жүрөк, булак үндүүм
дүйнөнүн тазалыгы кетсин коштоп.

## ТҮЙШӨЛҮҮ

«Жакшы» деген сөзгө арзыш арзан эмес көрүнөт.
Кулач уруп умтулсаң кыялыңдын төрүнө,
далай жылдыз жаркырап, далай кумар азгырып
ак аралап саамайды санааң санга бөлүнөт.

Өмүр менен тагдырды өрдөп кеткен жол барда,
абийириңе суроо бер, баратасың сен кайда?
Жаңылыштык болбосун бу жарыкка келгениң
өзүң эмес, жергеңе тийди бекен бир пайдаң?

Бирок, ушул жашоодо жан багышты көп ойлоп,
оңой эле жерде окшойт күнүмдүккө кор болмок;
Ашуу ашканга барабар ак кызматты өтөмөк,
арзып, сүйүп Адамды адал ишке баш коймок.

Элден ашкан эч ким жок, жылдыз жанса асманда,
кандай бакыт калкыңдын ой-мүдөөсүн тапканда
жарык болсо айланаң! жакшылыкка тогошуп
жүрөгүңдүн жылдызы жерге нурун чачканда.

## III

*Таман акы, маңдай терди шыпырып*
*талыкпастан, тажабасаң, талбасаң!*
*Ташыркабай мээнетине кызыгып*
*таалайыңды колуң менен кармасаң*
*таазим этем так өзүңдөй Адамга*
*тагдырына тахат берген ар качан.*

## ИШЕНИМ

Ар ким өзү сүйгөн ишке
башын байлап койгон кезде
эмгек, эмгек, асыл эмгек
алып чыгаар жалгыз сенсиң —
жашоодогу эркиндикке!

## КОЛ СЫРЫ

Ысымыбыз — ынтымак
деп калышат беш салаа,
жол баштаса баш бармак
жаскактабай эч кайда
жапырт бирге болобуз —
жазылсак да, түйүлсөк;
жашоо даамын татканып
жабыр тартсак, сүйүнсөк.
Ызаланып, шаттанып
жанып турмуш отуна,
кол куушуруп турабыз
кучак жайып досуңа,
жалпы туруп көтөрүп
жазмыш жайын, тагдырды,
алаканда алдейлеп
асырайбыз бактыңды.

## ӨМҮР БАРДА

Бул турмуштун бүтпөйт тура санаасы,
кыска тура ай — жылдардын арасы.
Өмүр барда өзгүндөн өрт чыгып
өкүт менен жашап адам баласы

шашат тура, каалаганга кол жетпей
койбойт тура жер кыялды терметпей.
Адам чаңкооң, суусунуң да канчудай
жарпты жазган жалгыз гана эмгектен.

Эмгек, эмгек, каржалбаган ак эмгек
оңой эмес бир өзүңө кол бермек.
Атактан да, алтындан да баалуураак
ай жандаган эркиндигиң сезилмек!

Суктанамын колуң тийген буюмга,
баш ийемин сен башкарган уюмга,
ак эмгекти өзүм үчүн кор кылбай
айлантышты көздөйм элдик туюмга.

Эмгектенсем, эргип алам, эс алам!
Кур санаадан, кур кыялдан кутулам.
Ай талаага ак эмгектен тер төгүп
асмандатып жаштыгымды учурам.

## ЧАЛГЫЧЫЛАР

Чалкак төрдүн көз кайкыган түзүндө
чалгычылар тай чабымдай тизилген —
чабуул коюп бара жаткан катардай.
Чалгы шилтеп, көк чалгынды чаап бүтүп
чайып жүздү тоо суусуна, эс алсаң
чаалыкканда даамдуу чыгат ичкен чай!

## ҚУТМАН ТАЛАА

Күзгү түшүм — эркс жаздын кыялы,
кочушума жаймаланган убагы!
Дан жыттанып, жыйым-терим аяктап
телегейим текши тартып турамын.

Кутман талаам, үргүлөгөн боз талаам
турам ойлуу турпатыңа көз кадап.
Сары самандын санаасы өңдүү топтолуп
көкүрөктө айтылбаган сөз калат.

Көк жамырап чыккан жазды күтөсүң,
ызага да, ызгаарга да түтөсүң.
Күздүк сепсем, сактаймын деп тамырын
кышты кыштай санаа тартып бүтөсүң.

Жайкы ысыкта мээнеттенем тер төгөм,
кутман талаам өзүң менен күн көрөм!
Түшүм болуп жыйналамын күзүндө
үрөн болуп жаз чыкканда кайра өнөм.

## IV

*Кыш кычырап кара жерди кар каптап*
*каары чыкпай каадаланган түн узак.*
*Кагаз карайм. Кагат, кайнайт көкүрөк*
*көз кайкыган кокту-колот текши уктап.*
*Кыял ойгоо — кыяматтан келаткан*
*кубанычтай атаар таңды утурлап*

## СҮРДӨӨ

Ак барак кар каптаган талаа өңдүү
бойдогу жылуулукту бүт алмакка,

көрсөтүп — кээде түндү, кээде көрдү
сен мени алып барасың кай тарапка?

Қаныма качан өтүп кеткениңди
билбеймин, саа каяктан болгом ашык?
Ой жетип, кол жетпеген чектериңе
көз артып, жол боюнда турам катып.

Ак барак, ак кагазым, таптазасың
бир болсо сүйүү болоор мынча таза.
Багыттап чоң казатка атказасың
жүрөктүн борборунда өзүң жашап.

Өлүмдөн өмүргө өткөн көпүрөсүң
кумарың агат бойдо түндү жиреп.
Экөөнө бирдей орноп бекигенсиң
төбөңдө күн чыккыча жылдыз түнөп.

Өлүмдү тутун дейсиң турмуш өңдүү,
ээндикти туюн дейсиң аска, айдай.
Ак барак ызгаарсыңбы, деги эмнесиң?
Эрийсиң, тура албайсың кумарланбай!

## ЭРГҮҮ

Жан дүйнөң оттой күйүп, элеп-делеп
сыздаба, ыр төрөлгөн күндөр келет.
Убакыт сезилбеген, угулбаган
улуу күч улагадан колун берет.

Қол созот, кол сунасың оргуп дайра
кан дүргүп алып кетет алда-кайда!
Тагдырга тобо кылып делөөрүйсүң
жерде ушул эркиндиктин бардыгына.

Аккула атын минип Манас келет.
Алтын күн тармал толкун нурун себет.
Уядан чыйпылдаган жаш балапан
ушу саа бир бооруңдай элестелет.

Кең дүйнө батып турса жүрөгүңө,
бар үмүт сыйып турса тилегиңе,
алмашкыс жүз жылыңды бул учурга
жараткан өлбөстүкпү, мунуң эмне?

## ЫР

Айыштуу беттен сыбызгып элпек жел согот
ыргалтып күздүн, ыргалтып жердин чөптөрүн.
Чайпалат дарак ийилип жердин бетине
угулат ыр-күү
күчөгөн
кайра басаңдап.

Талаага тарап
адамдын дили
жашоону бийлейт эркинче,
денеге батпай
жүрөктөн оргуп ташыган.

Кубаныч келет, булактын шылдыр үнү бар
жайылат денем, жылдызга колум артылып,
сезимим дүрбөп, туйласа кенен жайыкта
кол чабат дарбып, шаттыкка толгон бак-дарак.
Толукшуйт,
күчөйт
адамдын дили
төрөлүп эркин дүйнөгө
теребел ырга айланып,
денеден балкып куюлган

миң сырлуу тирлик кубулжуп
жаңырган сырдуу үн беле?

Таралат толкун, жыбылжыйт нурлар
агылат булак, жаңырат сырлар...
Жаштыктын үнү, жашоонун үнү...
Жер үстү — гүлдөр,
жер үстү — сүйүү!

Жолугат адам, жылдыздуу адам
жүрөгү үнгө эриген күнү.
Жер үстү — толкун, теребел эрип,
кошулсун жүрөк, жаңырсын сезим
уккула жыргап адамдын ырын!
Уккула достор, Адамдын ырын:
бул ырлар эрке туландын ыры,
бул ырлар ойноок жылдыздын ыры.
Жүрөктөн чыкса жүрөккө жетет
адамдын дайым ыймандай сыры...

. . . . . . . . . . . . . . .
...Угалы тыңшап
бүт туюм менен,
турмушка бышкан мезгилдин ыры
жайылып барат дүйнөгө кенен.

## ТИЛЕК

Сен таланттуу адамсың
жылдыздуу уяң жигит,
сезимди калтырак басып
сүйлөгөн сөзүң бойду козгоп кетти
сен ымшып тердеп жатып.

Шык даарыса ишенчээк, уяң келет —
уяң экен сейрек гүл,

ачылаарсың өмүрдө бир
бирок эрте ачылбагын.

Тыңша барып деңиздин тереңдигин,
ызага колду канат.
Колуң эмес жүрөк канап
жашап көрчү!

Мезгил — таш боор: эч кимди аябаган,
эч кимге боор тартпаган —
тайманбай көз кадаган,
талыкпай салмактаган.
Күндө жаңы өмүр сүргөн
карегиңе чөгөр жерди
чөгөр баарын:
сен чындыктай жалындагын,
чындык — талант.

Өч алууга шерт кылбастан
өч ала бил серт жашоодон.
Агып турсун өмүрүң күүгө айланып,
колдо комуз таңшысын, толгонбогон!
Кеңеш айтаар кезиккен ар бир адам
жолдорду издеп өтүлбөгөн
кеңеше бил жер менен, жашоо менен
өз огунда кагып турган
жүрөгүңдүн эркиндигин
бардык шартта коргой билгин:
демек гүлдөн бийик өскөн,
чырмоокту көрүп туруп басып кетпе!
Адам өлсө, өлө бил, тириле бил
эсептей бил өмүрдү өтүп кеткен.

Таланттуу адам көтөрөт элдин жүгүн
бөлөк сага шык ээси эмнени айтам?
аа, сен сөздүн салмагын билген жансың.

Ийгилик да бир күнү өзү келээр
дабан болуп ачылып кең дарбазаң.
Тилек кылам сабагың ийилбесин
жүрөгүңдүн сезденип кагышынан.

## ЯСНАЯ ПОЛЯНА

Ясная Полянада,
жаш токой шуудураган тилке жерди
ынантып: бейити деп Толстойдун
жол баштап эски чыйыр алып келди.
Жайылып кенен талаа,
шамалдын ыргагында,
күүгө келип
кылыйып көктөм өсүп
жатыптыр ак кар эрип...

Туюнбай келген жазды,
жуурулуп чым алдында
тунжурап адам жатты.
Бул жерди Толстойдун бейити дешти!
Түзөлүп бара жаткан жер менен жер
үймөктү көрсөтүштү... эскирбеген...
ким бирөө корук кылып корубаган,
жер менен жуурулушуп кыртыш болгон,
көк чөбү жазды сезген, куштар конуп,
урпактар чубап келип, чубап кеткен...

Улуу граф,
акылман Толстой алп,
кудайды сиздей адам издебестир:
издеп жүрүп таап алдыңыз
жашоонун өзү кудай экендигин.
Дарт чалган тамырын кармап мезгилиндин
сездиңиз тап күрөшүн.

Төрөлүү, жашоо, өлүм баарыга ак
баарыга таалай керек экендигин.
Элдешпес эки тапты
арачалаш келбеди колуңуздан,
келбегендей өлбөй коюш.
Адам жашы агып жатты.
Россиянын кең мейкинин
каптаган жөө тумандай жакырчылык
сизге да жай бербеди.
Адамды жандай сүйгөн жүрөгүңүз
кагып турду бардыгын чагылдырып.
...Жер менен жер болуптур жаткан
жайын.
Бейитти курчап турган,
не деген ыйык добуш
угулган айланаңдан —
жер добушу!
Бул жерде, Ясная Полянада,
тилкеленген түздөргө көз жетпеди,
келечек көз алдыга жайылгансып
жашоонун кененндиги
кеңейип кеткенсиди!
Адам уулун бийик кылган,
биз басып, тепсеп жүргөн жер бетинде
мүрзө көп тирүү жандан
ардактап кийинкилер унутпаган.

## СЫБЫЗГЫ

Терин төгүп баба дыйкан,
таңды кечке эмгек кылса
таң калгамын күз келгенде
таалай тери тамчылаган
талаага өзү окшоп турса!
Баба дыйкан — пейли кеңип, күнгө күйүп,

шуудурап, бышкан дандай салмактанган
жерди карай башын ийип.
Баса дагы этке лирээк эт саткан дүкөнчүнүн
эпчилине көзүм жеткен:
балтасы маш -- шарт эткизе
шырп алдырбай кесип кеткен,
шапа-шупа орой салып,
таразага тартып бүтпөй
эсептешкен...
Ой-ой,
кылаар кесип, иштээр адам
издешпей бирин-бири табабы деп
кээде мен ушуга да айран калам.

Ооба, ушундай, флейта дос!
Жүрөгүмдүн сагынычы,
адамдын тазалыкка умтулуусу,
асмандап учуп чыккан көңүл кушу!
Сен кайрадан, куурал менен жыргалыңды,
ээн калып, эркиндикке кирип алып
элирип тараттыңбы ыргагыңды.

Ырдадыңбы, ыргалып көкүрөккө батпай турган
сырларыңды!
Эх, флейта!
Жашоого каргыш айткан оңбой калсын:
күн сыяктуу, куш сыяктуу, дыйкан баба
сыяктуу эле
(жаман болсо өзүнө — эт саткан дүкөнчү да
аман болсун)
жаркыраган, кубулжуп күү куюлган
бу укмуштай табышмактуу жашоодо
жана да өзүң барсың!

Эх, флейта!
Жашагым келет менин:

эчак сени ойлоп тапкан адам дайым
тирүү жүрсө арабызда — жапжаш бойдон,
шыңга бойлуу; жүзүмдөй манжалары
баскычтарды жумшак басып,
жүзүнө периштеси нурун катып,
түбөлүктүү нерсени эске салып
убактылуу нерсени унуткартып.
Сезилсин биздин жашап жатканыбыз
жүрөктөн куюла бер, төгүлө бер
эх, флейта —
кеңейсин көгүш тарткан асманыбыз!

# ОЙНООК СУУ

*Оболоп үч обон созуп боз торгой,*
*обоздошуп үн кошуюн достордой.*
*Оргуп-оргуп, ойкуп-кайкып, ойдолоп*
*огобетер сермел бийик, токтолбой!*
*Ой, жаз күн ай! Оодарылган төрт мезгил*
*оолуктурса көңүл койбойт козголбой.*

I

## ЖАЗДЫН ЖЕҢИШИ

Жаз келалбай, кыш кетпей
кар үстүнө жамгыр жаап,
карманаарга күч жетпей
чатырчадан тамчы таамп
тып... тып... этет, тынымга
тыңшай калсаң ой басат.
Ичтен эрип жылыган
ээн талаада кар жатат.

Аркан тартып мелдешсе
узарган күн — кышкы түн,
ызгаар мөрөй бербешке
үрөп жатса бүт күчүн
жаз деп ураан чакырат
келгин куштар кошулуп.
Жеңип барат акырын
күн жылытып олтуруп.

## ЖАЗ ДЕМИ

Жаз жышааны күн табынан башталат:
аба делбип эригени аз калат...
Жаз кумары бак-дарактан кылыйып
жашыл сезим бүчүр жарып баш багат.

Күн мээримин жерге төгүп салганда
кулпунбаска тирүүлүктө барбы арга?
Кайгы-капа унутулуп кеткенсийт
жапан куштар жапырт сайрай калганда.

Күн — Жер минтип лаззатта турганда,
жаздын деми көкүрөккө сыйганда,
жаш балдардын каткырыгын тыңшасаң
айлангансыйт булак добуш ырларга.

Карегинде сүйүү издеген кумар бар,
кышкы кийимин үйгө тыштап жашыл шаар
жаш кыздарың карап өтсө айбыгам
качанкы бир аласасы бар сыңар.

## ТОО ТАҢЫ

Жазгы тоолор кыркар тартат
көктөм жерге жарашып.
Күтүп жатам атаар таңды
ак мөңгүгө жанашып.

Чолпон жылдыз бадырайган
барат өчүп билинбей
жерде карып, түнгө кеткен
сан жылдыздын бириндей.

Жер айланып, жел сүрдүгүп
тунук асман көгөрөт.
Күн көпүрө нурдан салып
жерге түшөт себелеп.

Жер бетинде тирлик чуркайт
миң-миллион мээнеткеч.
Бир-бирине эриш-аркак
жооп кайтарып артка тез,

«Салам» дешет чыккан күнгө
жерде жашоо атынан.
Сан адамдын бири болуп
мен жашоого ашыгам!

## ТАҢКЫ КУБАНЫЧ

Эрте туруп таң менен
жутсам таза абадан,
кымыз куюп ичкенсийм
бышыла элек сабадан.

Оргуп, дүргүп машине
ойгото элек көчөнү.
Өрдөн жорткон салкын жел
көңүлүңдү көтөрөт.

Жарык чачкан асманга
жайсаң кенен кулачты
таңкы жылдыз балбылдап
күйүп турган убакта

шааң артыла түшкөнсүйт!
көңүл көккө чабыттап.
Жан-жакандан шуу этсе
канаттуулар жарышкан.

Башталгансыйт аракет
тарап таңкы мунарык.
Нур го десең карекке
жарк дей түшөт кубаныч!

## АДАШКАН НУР

Күн батып кетти акыры тоо артына,
чагылып ак мөңгүгө, тоо башына.

Кызгылт нур ойноп калган бала өңдүү
туйгандай, шек алгандай азыр гана

алаңдайт: апасы — күн кайда кеткен?
Алдастап издейт чуркап тескей беттен,
анда аска эч нерседен шек алдырбай
билмексен күлө карап турат четтен.

Нур — бөбөк ыйлай турган болуп барып,
асканын чокусуна чыга калып
караса... тээ алыста... чуркап жөнөйт
жоолугун баткан күндүн көрө салып.

Байыр алган соңку нурду жаш баладай,
ойнотуп, алаксытып кала албай
ак жүзүн бырыш басып, ойго батып
карт аска ажарланбайт жанагыдай.

## ЖАЙКЫ ТҮН

Кереметтүү бийик тоолор
кербен тартып керилген.
Кеч киргени бүдөмүктөп
мунарыкка эриген
жымжырттыкка сиңип барат
жыбылжыган үн өчүп.
Жашоо тынчып, жан жай алат
жаткан күндүз күрөшүп.

Асман чексиз, а жылдыздын
арбап турса жарыгы,
жүрөгүңдү жел аргыдай
сылайт суунун агымы.

Карегиңе мунарыкты
батырасың сүйүүдөй.

Өмүр турса алды жакта
жакшылыктан түңүлбөй.

Чөмөлөгө жатып алып
чөмүп ойго жуунасың.
Чөпкө оронуп, көшүп барып
ай чыкканда турасың.

## АРЧАЛУУДА

Кайтып келип — шаардан, чуудан, кинодон,
шайдооттуктан, шарапаттуу винодон,
коктейлден, балмуздактан, баарынан
базар даамын жая салган сыйлоодон

мындай жыргал боло бербейт ай-жылда:
(асыл шаарым, көңүлгө алба, кайгырба!)
жашап жүрөм капчыгайдын ичинде,
жатып жүрөм ачык асман алдында.

Мени ойготот жорткон таңкы сыдырым,
суунун шары кол алдыман угулуп:
бир тыңшасам миң кайрыктуу күү чалса
бир тыңшасам өктөм мезгил жулунуп

агып жатат, ай жаңырып, күн чыгат
күн чыкканда бүт капчыгай кулпурат.
Элик маарайт, кушу сайрайт, жараткан
жапан тоолор кадимкидей унчугат.

Убакыт жок, шашылуу жок, дүкөн жок
же күттүрүп, же бирөөнү күтөм жок.
Жашагансыйм табияттай тазарып
жашаргансыйм жытыгышып көөнүм ток.

Арчалууну жайлаган да, кыштаган
жандууларга жатыркабай суктанам.
Жылдыз күйүп карагайдын учунан
укмуш экен убаа тартпай уктаган.

## БЕДЕ ГҮЛДӨГӨНДӨ

Гүлү ачылып күндүн жылуу табына
күлгүн беде назданыптыр абыдан:
аары — жуучу, арык — суучу, жел—термейт
жумшак эпкин леп дей түшүп жанынан.

Чоң шашкеде чайттай ачык кең асман
чагылышат айлананы нур каптап.
Жаш бедени араласаң айдарым
жарпты жазып салат экен бир паста.

«Лам» дебестен теребелге тигилип,
бир асманга, бир бедеге үңүлүп
албаарысаң, аба жаарып куш сайрайт
асыл ойго дуушар кылып тирүүлүк.

А, чунак жел кытыгылайт жүрөктү.
Табылбастыр табияттай сүрөтчү:
дүйнө көшүп, беде күнгө жүгүнгөн
кантип сактайм карекке ушул мүнөттү!

Кош канатын калдактатып көпөлөк,
учуп өтсө өйдө-төмөн көкөлөп;
гүлдү шимип эстен танат аарылар
эске салып жаштык кезди өтө элек.

## АЙ ТОЛГОНДО

Жай мезгилде түн бир оокум болгондо,
жылдыз жайнап төбөбүзгө толгондо —

жашарасың карап турсаң ак кардуу
жарык чууруп, нур жайылган тоолорго.

Жарк дей түшүп, ажарланса айланаң
жай баракат кең асманда ай барат.
Жарыкчылык! Шаа жетпеген кең дүйнө
жашык жүрөк кусаланат, таң калат.

Кантет, кантет санаа күлүк, ой күлүк
өткөн өмүр сезилбейт го бир күндүк!
Ай чыкканча арууланып, булуттап
жолун тосуп биз эмнеге үлгүрдүк?

Күлүк күнгө бир өмүрдү ченебей,
бу тоолордой кебелбей да, кенебей
койсок кантет, кайгырбай да, саргайбай
түбөлүктүү жашап жаткан немедей.

Азыркыдай ай таратса ак жарык,
жашоо кызык — кайра туруп шаттанып
өкүнсөк да, ой түрмөгүн оронуп
омок болоор кубанычты таппадык.

Кечээкиге, эртеңкиге алданбай,
бу жарыкка азыр келе калгандай
ыракатка бата билсек күн сайын
асман, аалам, төбөбүздө ай барда.

Ак мөңгүдөн муздак, мээлүн жел келет.
Ай жууган чөп аягында термелет.
Бу дүйнөдө адам сенден бөлөгү
дүйнөкапар жашап жаткан өңдөнөт.

## КҮЗ

Күзгү күүнү дирилдетип чертет сары жалбырак,
табы кайткан күн нуруна турсаң бир аз жылынып.
Көөдөнүмдө кусаланып көлөкөсүз ай жылат
мээлүн, салкын күз шоокуму кулагыма угулуп.

Каякадыр кайтпачуудай канат сермейт каркыра
ачык асман жаздагыдан көтөрүлүп, бийиктеп.
Коштошууну туюп турам, сөз таба албай айтууга
күзгө келген табияттын баскан жолун иликтеп.

Жалбырагы бүт күбүлгөн дарак тынчып көп сырдуу
ак, караны айра таанып терең ойго батқандай.
Агын суу да кайра талдап күү-шаа түшкөн жазгы ырды
агым деген эмне экенин азыр туюп жаткандай.

Жер да өзүнүн түшүмүнө көөнү толбой калгансып
кереметтүү кенен талаа күздө кайра айдалган.
Ортосунда сары үймөк чөп... өткөн өмүр жалгансып...
көз кайкыган ысык жайдын элесине айланган.

Кезмектешип жаз, жай, кышка саналасың сары күз
санаа тартпай саптан түшүп калган болсоң не болмок?
Бар бол күзүм! Ар дайым бол, жалбырагың дайыма үз
адам кантет, кусалансын, өмүр өткөн чоң жолдо.

## II

*Энөө кезде эңсейбиз*
*эл катары,*
*эрешен тарткан маалды.*
*Эми биз эбак жетип ошол жашка*
*эбилип олтурабыз кол бере албай,*
*эгерим эки келбес балалыкка...*

## ШЫРААЛЖЫН

Биз жашынбак ойноочу
жайлоодогу шыраалжын,
жайкала өсүп турганын
жайда көрүп кубандым!

Көзгө сүйкүм көрүндү
көк шыраалжын жондогу.
Көп жыл өтүп кетсе да
көп өспөптүр бойлору.

Шыраалжындын шуудуру,
шыбыргагы таркалып
жерге чейин ийилет
жел жайпаса жайкалып.

Балалыгым байкатпай
баягыдай жашынды.
Баамдап, байкап кылтыйтып
чыгарамын башымды.

Шыраалжындын жыты урса
жыргап, жыттап наз болом.
Эки келбес балалык
эске түшүп жаш болом.

Эх, жайлоодо шыраалжын
эстен көптү чыгардың.
Балалыкка кайрылып
келген өңдүү кубандым.

## БАЛА

Элжиреп, эрип, эбилген
эт жүрөк чындап берилген,

эмне бар таттуу баладай
эң жакын болуп көрүнгөн?

Боор этиң, дилиң, жүрөгүң!
кармасаң колун, билегин;
Кучактап туруп жыттасаң
козголот оюң, тилегиң.

Балбылдап көзү таптаза,
балага мээрим башкача.
Бар дүйнөң түгөл — жаш чүрпө
басууга кадам таштаса.

Бойтойгон изин үңүлүп,
болкулдап жүрөк сүйүнүп,
бактыга чулгап койгонсуйт
баланы берген — тирүүлүк.

Оюнуң такыр канбаган,
ойноогум сенден айланам!
Чаалыгып келсек жумуштан
чарчоону дароо айдаган

баладай барбы жакының?
баладай барбы асылың?
Куштарың артат дүйнөгө
кумардын чери жазылып.

## ОЙНООК СУУ

Шарактаган тоонун суусу
бийиктен, тазалыктан
балалыктан кетет куушуп.

Жээкти бойлоп жетилген гүл
салкындыктан, сагынычтан
куурап бүтүп түшүрөт бүр.

Суу нук салып жарган аска
күңгүрөнөт, өжөр сууга
андан бөлөк айтпайт башка.

Жол торогон аска менен
оңолбогон бу ойноок суу
мынча неге эрегишкен!

Бийиктикке, тазалыкка
бу дүйнөдө баары умтулса
а суу агып барат кайда?

Жай алсачы, жай алсачы
түбөлүктүү калып жаткан
айланага көз салсачы!

Жай алсачы азга, азга...
Арман ушул аны узатып
баары жээкте калып жатса.

## ЭСИҢЕ АЛ

Өмүр кыйры чалкып жатат
кубатыңды сактачы!
Ырларыңды ырдабачы,
ыргагыңды чачпачы.

Мөл булакты күзгү кылып
жууп келчи жүзүңдү.
Таалайыңа сага таандык
чыгарбай шарт бүтүмдү

ойлуу болчу, тунук болчу
оюнкараак шок болчу.
Бүгүн баарын билип албай
бир топ жылда токтолчу.

Жаш куракта бардык көздүн
болоору чый жалыны,
жетсе адам улуу дешет
ал жалындын жарыгы:

өмүрүңө жашай турган,
катмарланган түндөргө.
Айланбачы бир искесе
соолуп калган гүлдөргө.

## КӨПҮРӨ

Кыялкечтик — балалыктай.
Көкүрөккө дайым сыйбай,
аруулантат сезимиңди
асыл ойго түрткөн ырдай.

Кыял менен бүткөн иштин
ортосунда көпүрө бар.
Кимди өткөрүп... ким өтө албай
көк иримдүү өмүр агат.

Көпүрөнү курган адам
билет дайра эмне экенин.
Ой-максатты эмгек улап
бүт өмүргө нук кетерин.

## ТУРМУШ САБАГЫ

Ысык чокко колун кайрып алган соң
калгандарын от табына жолотпой
коргойт эне... Көңүл тетик болгону оң
бирок балдар айткан сөздү тоготпой

ойноп барып отко түшүп, ысыкты
колу менен кармап көрүп ыргыштап,

ууз тиштери кайра түшүп, кызыктуу
ар ким жеке сабак алат турмуштан.

Ой токтотот, күрөштөн да жеңилет
көңүл чөгөт — жолдош чыкпай кезиккен.
Самын таштан сыйгаланып... элирбей
дайра бойлойт максатына жетишке.

Деги, адамдар, алээти жок калкпызбы:
жер чындыгы миң электен өтсө да
үгүтүнө жетелетип жаштыктын
кедергилеп, карда калып — көктөйбүз.

Мүмкүн ушул турмуштагы ызадан
алган сабак чыйрак кылат, жолдошум!
Кантсе дагы көп жаңылып бутадан
ысык-суугу кезмектешкен жолдобуз.

III

*Уйку, сооңдо өмүрдү уурдап убакыт,*
*удургутуп таштай күндү кулатып*
*улуу турмуш убаасы көп, уйгактай*
*уюткулуу жоопту өзүңдөн суратып*
*узайт колдон кайрылбаган ар бир күн*
*уучка толуп, бизге учугун улатып.*

## ЖЕР БАКТЫСЫ

Өмүр деле кыска нерсе турбайбы!
Элес албай эрке кыял жылдарды —
мына белес! Кыркар ашуу... андан соң
жымжырттыкка күлкү сыйбай, муң кайгы...

Бу дүйнөнүн кызыгы көп көрөөрлүк,
бир төрөлдүк! Көк чөп сындуу көгөрдүк:

өңгөсүн кой — эне сүтүн оозанып
эмне деген кереметке бөлөндүк!

Тагдыр — таймаш, картайбасын Жер — эне:
кайгы менен козголсо да делебе
бакыт тура — жашап калуу бир ирет
туулуп калуу жер бетинде дегеле!

Көз көргөндөн оңой болбос айрылуу,
шаттык менен салмакташкан кайгыны
бирде өткөрүп, бирде жүздү нур чайыйт
кас-кас турса жердин соңку жандыгы!

Тер агылып жашыл жээктүү жолума,
өлүм кээде, жашоо түшүп оюма
өмүрүмдө токтоо билбес, ашыккан
жер бактысы сиңсе деймин боюма!

## ЧЕКСИЗДИККЕ СУКТАНУУ

Жер айланып жатат дечи, күнчубактап, жашарып
байыр алган өз огунан чыгып кетпей мейкинде.
Канча жылдыз тагдырлашып, жарык чачып, атайын
күтүү толгон табышмактуу сыры бизге сезилет.

Жер бактысы — кандай укмуш! акыл-эстин болгону
төрт тарабым кыбыла экен, бүт ааламдын жолдору
куюп турат күндүр-түндүр, үстүбүздө кенендик
а, жүрөгүң сан жылдыздын шамы өчпөгөн борбору!

Байланышты туюндуңбу? Учу-кыйырсыз ааламдын
чексиздиги жүрөгүңдү гүлзар кылып таштады.
Күндүн нуру бийлик кылган жер бетине, өзүңө
бүт ааламдын жарыгынан элчи келе баштады.

Ай жаңырып бир учунда, жылдыз учса сызылып,
балапанын куш торолтот канат сермеп учуруп.

Кулагыңа шуудурагы угулабы? угулбайт
а жүрөгүң кененДиктин нуруна эрип жуулган.

Бороон ойнойт, туман жылат, сүйүү күтөт ак кайың,
жер түрлөнүп гүлгө, чөпкө ыракатка батканын!
Кең ааламдын байланышы үзүлбөгөн өмүрдөй
туюнамын өлбөстүккө колун берип жатканын.
Ыр угулат, ый басылбайт — түбөлүктүү бул кармаш
даңазалайт чексиздиктин канат жайган асманын.

## АСКА

Учуруп шамал айдап,
уругун таштап кеткен,
кыртыштап тамыр байлап
гүл турат аскада өскөн.

Зоого да гүл өстүргөн,
ташты да жара бөлгөн
бир туруп таң каласың
түзөгөн, талкалаган
жердеги улуу күчкө.

Баш ийип тагдырына
бири өтсө бири келген,
жер эмне? Жер да өзүнчө
бир турган аска белем.

## ТҮНКҮ АСМАН

Зор аалам жылдызындан кумарың көп
турасың жайдыр-кыштыр бирдей көктөп.
Парз окшойт сонуркап да, таңыркап да
түбү жок түнкү асманды карап өтмөк.

Сан жылдыз табың жетпей нуруң жетет.
Нурду эшип жердеги өмүр өтүп кетээр.

Чындыкпы: ар адамдын өз жылдызы
бир туулуп, көзү өткөндө өчөт дешет?..

Ааламга тогошконбу жерде турмуш?
Сыр барбы, адам сезип, адам туйгус?
Балбылдап неге мынча ойлуу карайт
себелеп үстүбүздөн сансыз жылдыз.

## БҮТҮМ

Бул жашоодо өлүм деген чындык бар
төрөлүүдөн акылдуу да, алдуу да.
Бүт байлыгын бөтөн көзгө байкатпай
ката билет кара жердин алдына.

Өсүп келип бардык нерсе кыркылган
ага каршы тике беттеп ким чыгат?
Бирок сүйүү, акыл, эмгек, тазалык
өлүм жетпес бийиктикке умтулат.

## ӨЗҮҢӨ КЕЛЕТ АЙТКЫМ

Бир ирет бакыт болуп туюлду маа,
гүл өңдүү жүзүмдү жууп, жазгы жамгыр ээн талаада.
Бир ирет эркелетсем алаканга салып алып
кыбыраган жаныбарды, анан ал учуп кеткен, азыр кайда?
Бир ирет кең асмандан кулаган кар жер эмес
көөдөнүмө себелеген.
Бир ирет, жайда күтсөм селки ордуна саамайын
делбирттетип
кайың келген.
Убакыттын чөлдөрүндө чаңкаган күндөр өттү баштан
нечен...
Ошентип, өмүрүңдө күткөн бактың
кичине көз ирмемге сыярлыгын
өзүңө келет айткым.

## ДОСУМА

*Туратбек Үсөновго*

Шаар жайын мурда, кийин укпаган
шайдоот жүрүп жемин көпкө жегизген
улан элем үйдөн алыс чыкпаган,
жашыл жайлоо ууз сүтүн эмизген.

Ал учурдан сөз козгосоң суктанам
анар жүздүү, айыл жыттуу бала элек.
Шаарга келип, чыптамачан уктаган
ууру чөнтөк салып берсе чоң энем.

А, сен Турат, мурун келип окуунун
шартын билип, шаарга көнүп каныккан
кезиң экен, мен аябай чочудум
кыш сыноодо кулап элге барыштан.

Абалымды түшүндүң да атайлап
жетектедиң, жол көрсөттүң, баштадың.
Бирге окуп, бирге басып, бирге уктап
жатта десең көз ирмебей жаттадым.

Мен кубандым күткөнүмө «жол башчы»,
сен кубандың «жигит жумшап» алганга.
Дон Кихоттой, Санчо Панса сыяктуу
биз сезилдик бирге окуган балдарга.

Биздин достук мына ушинтип башталды,
жылдар өттү тоту куштай түрлөнүп.
Бирге көрүп тойгон менен татканды
кийин биз да эл катары үйлөндүк.

Бара-бара турмуш деген улуктун
тилин угуп, тарбиясын алабыз.
Биздин достук күчкө айланып туруктуу
көрүшпөсөк сагынышып калабыз.

Боорукерлик, достук, жандай ынактык
жагдайында ойлой калсам сени эстейм.
Кабарлашсаң шаарга келген убакта
калдаландап үйгө Турат келет дейм.

Көөнүм өсүп ушул түнү чер жазам,
унуткарып түйшүгү көп ай-жылды.
Кубанганда кубанычымды сага айтам,
кайгырганда бөлүшөсүң кайгымды.

## СТУДЕНТТИК ЖЫЛДАР

Ууз сезим, мөлтүр тилек, үмүткө бай,
жашаган тал чыбыктай жаштар гана.
Таң атып, кеч киргени байкалбаган
сагындым студенттик жатакана!

Дос күтүп, билим алып, кыялданып
өмүрдүн уч-кыйрына чалгындадык.
Беш жылың беш мүнөттөй сезилбептир
учкаяк укмуш күндөр артта калып.

Дайыма экзаменге бир күн жетпес,
кыздардын бөлмөсүнөн күлкү кетпес,
көңүлүң кушубак болот, ойго салат
кайрадан студенттик жылдарды эстеш.

Кайрадан жаштар залда семинар жазат,
селкисин бозой күтүп сыртта басат.
Балдардын таза киймин тандап кийип,
бир досуң кездешүүгө бара жатат.

Жыргал кез! Сенике жок, меники жок.
«Маяна» тийген күнчү? Майрамга окшош!

Альбому мейман келсе тосуп алган
кыздарга эрмек эле сүрөт топтош.

Элестейт курбуларым улам бирден,
кабарсыз, кат жазышпай, түшкө кирген.
Окутуп кайра турмуш көбүбүздү
алыста, ар-ар жерде иштеп жүргөн

досторум, курбуларым, курсташтарым
баарыңды келип турат кучактагым!
Ойлосом ичачышат — жаштык калып
окуу жай чоң сапарга узатканын.

## ИЗИЛДЕЙМ

Жаңырып күлүк күндүн салаасынан,
жаш өмүр дабыш берип турат кайдан?
Жээк эмес сылап өтүп кусалыгын
кармалбай үнсүздүккө жай чубурган.

Эңсеймин эки келбес өмүр барда,
элирткен жан дүйнөнү учур кайда?
Арга жок агып барат асыл күндөр
кайрылып кулай албай кучагыма

табият мээрман эне сыяктанып,
өр жолдо өмүр чууруп, артта калып
антандап алдыга эмне ашыгамын
үмүттүн азгырыгын моюнга алып?!

Көз ирмем кенендикте барбы, жокпу?
А жерде жан дүйнөмө жагып отту,
изилдейм турмуш сырын, жер чындыгын
убакыт тыным билбей какса чотту.

## ӨТҮП КЕТСЕ

Термелип дарагы жай,
көл көшүп баштагыдай.
Жашоонун кызыгы көп —
өткөнү кайталанбай
оо, шумдук таң каласың
адамдын бир өмүрү
зымырап эч байкалбай
ирмелип өтүп кетсе
бир ирет аткан таңдай.

## КҮН

Күндө жаңы аткан таңдан табышмак,
кечки күндөн кеткен бизден алыстап
ызалуу да, кусалуу да эмне бар
закым болуп карегиңди талыткан?!

Өткөн күндөр өкүнүчүн жашырып,
өктөм-өктөм толкундарга басылып,
өз энчисин алып, берип, такташып
өзөктү өрттөйт кайтпастыкка катылып.

О, ар бир күн улуу Күндүн үзүмү,
табияттын тартуу кылган күкүмү
кечке чейин даана билип аласың
көктө туруп кайрат, кубат, күчүмдү.

Ар бир күнүң каныма өткөн кубатың,
бүгүн дагы саламдашып турасың:
Ой алдамчы, көз жазгырган, ырыскым
өмүрдү уурдап too артына сыясың.

Тазарышты ак дилимден самаймын
табылгамды кайра өзүңө арнаймын.
Тийип турсаң кең асмандан чаңкайып
табылбаган өмүр өңдүү баалаймын.

## АК КАЙЫҢ

Жашылы түшкөн ак кайың
жаштыгы өткөн аялдай.
Жаңыдан уктап тургандай
жайылган чачы таралбай.

Калгансыйт кумар таркабай
жаштыктан, жайдан, сүйүүдөн.
Ай өпкөн аппак даракка
айбыга карап тигилем.

Жаз күткөн кайың сыяктуу
жаштыгым түшүп эюма
жалынга толот көөдөнүм
жанашсам келип боюна.

## ЭМИ МЕНИН

Дайра мүнөз убакыттын агымы
дабыш бербей кан аркылуу өткөнүн
тыңшап, тынчып кеңейдим да, байыдым
жаз деминен өрүк гүлдөп кеткендей.

Аска айдын шооласына жуулуп
аруу сезим жерге тамып тургансыйт.
Азыр ынтаам өз боюма бурулуп
асыл жашоо аамыятын туйгандай

алаптабай кармайм, кармайм жаңы ырды
ашыккандан жүрөк тездеп кагылды
дартка дабаа, бейитке жол бөгөлүп
күн чубурган ичке чыйыр табылды.

Эми менин досум дагы, душманым;
эми менин утулаарым, утканым —
удургуган, уйку көрбөс убакыт
ушул кездин кынап жаткан кыштарын.

Сүрдөбөй да, башымды ийип багынбай
байыртадан жанга тааныш агымдай
эркиндикти эңсеп турам, күндөрдүн
өмүр өткөн жолу менен арымдап.

## ТОПУК КЫЛСАҢ

Ар бир адам т а г д ы р деген белди ашып
өмүр өтүп, жылдыз учкан жол калат.
Убайымдуу казанакка алмашып
убакыттын үңкүрүнөн жай табат.

Токтогула! Биз алиге тирүүбүз
кош карекке бышкан жүзүм төгүлөт!
Көр алды эмес — өктөм турмуш үйүбүз,
өзөктү өрттөп, беренелүү көрүнөт.

Наристени жыттап колго алганда
көңүл чери тарай түшөт ал түнү.
Топук кылсаң — бир жаралып калганга,
болгонуна жашыл тулаң, күн, сүйүү!

Жол чегинет. Жер турмушу жүз багаар,
күңүрт кечте таштын ыйын сезээрмин.
Шаттык кээде кайгы менен алмашаар!
мен өмүрдө эмне иш жасап кетемин?

Сүйүү калат. Саат-сабырдан өмүрдү
сактап ишке багыттасак болгону.
Сабыркабай ылгап алат көрүндүм
арамдыктан адалдыктын жолдорун.

## ЖАШТЫК КЕЛСЕ

Дүйнө сыры жылдыз өңдүү санатсыз
кол сунсак да, кулач жетпейт — жол кыска!
Чындык жашайт — өзгөрүлмө, талаштуу
кемтик издеп, жооп сураган турмуштан.

Күчүбүздү өмүр бою сынайбыз:
айланабыз кубатына мезгилдин —
же чыдайбыз, же аскадай урайбыз
ак булуттун саамайына күн сиңип.

Ага чейин кармашабыз. Алышкан
баскан жолуң ачылбаган табышмак,
кээде кармап, кээде бизди жазгырып
бүлбүл жарык күйүп турат алыстан.

Эрийт мөңгү! Адам сен да эрийсиң,
касиеттүү күнгө чындап берилсең!
Жашоо даамы балга айланып кеткенсийт
максат коюп өзүңө өзүң жеңилсең.

Келечекке жарык жылдыз тоголуп
жерде алмашкан кайталангыс жаз жаңы.
Эски чындык жашыл нурга оролуп
жаштык келсе сүйүү кайра башталып...

# СЕЗИМ ШООЛАСЫ

*Жагалданып жаздын жашыл шибери*
*жапырт өсүп жашарыптыр ирeңи.*
*Жан жай алып, жашыл чөпкө жайланып*
*жарпын жазса жел аймаган жүрөгүм*
*жайлоодогу жашыл тоолор элестеп*
*жаштык калган күндү эңсеп жүрөмүн.*

## АЙЛУУ ТҮН

Мал жайылып кетиптир ай, айлуу түндө,
айлуу түндө.
Кушубактуу ким уктайт ай, мындай күндө,
мындай күндө.
Ой-боюна койбойлу ой, ойготолу, ойготолу!
Бозой көзү бозороор ой, кызды сүйбөй,
кызды сүйбөй.

Ай жарымы караңгы ай, жарымы жарык,
жарымы жарык.
Өткөрбөйлү жаштыкты ай, уктап калып,
уктап калып.
Ай кылыйган тоолорго ай, көрк берели, көрк берели!
Жалбырттаган жаштыктын ой, отун жагып
отун жагып.

Ай толгонун билбейт го ой, бул эмнеси,
бул эмнеси?
Жигит күтсө селки да ой, кечигеби,
кечигеби?!
Айлуу түндө селкинчек ай куулөнбөсө, куулөнбөсө
жаштыгыңдын өткөн ой, сезилеби,
сезилеби!

Ай кыңкайып баратат ой, тоо тарапка,
тоо тарапка.
Ай нуруна жуунуп кал ой, жаш куракта,
жаш куракта.
Асман — жерге айкашкан ай, көрк турбайбы, көрк
турбайбы
эземдешип кыз-жигит ай, бара жатса,
бара жатса.

## БИЗДИ КҮТӨТ

Ак шоолалуу жароокерим
таалайыма табышмактуу
табылганбы кош карегиң!

Кайдан мени бул көз ирмем
арбап кетти туңгуюкка
сен билбеген, мен билбеген.

Айрылышуу айдан ачык,
саамайыңдын жылаасына
кош карегиң сырын катып

биз билбеген жолдор менен
бизди неге жолуктурду
жолуктурду бизди неге?

Ай уяңым сөз айтпачы,
сезим бизди жетектесе
жеңилбешке арга канча?

## МЕН УБАРА

Жалбарбаймын, жалында деп айтпаймын
сезимиңди бийлебесе жаш жалын,

кумарлуу эңсеп, ууз сезимге бой берип
сагынычка сууланбаса чачтарың.

Уяң сезим бойду бийлеп албаса
колуңду эркем, тартынамын кармаштан.
Мен — убара жетпей жарык бактыма
таалай берген чыңалуудан жанбастан

кармайм келген толкунуңду жаңылбай
тагдырыма бир жаралган жаңы ырдай
тыным албайт таңды тоскон жаш курак
күйүп турган өз бактысын тагынбай.

Талыбаймын, таалайымды кармайын,
жарыгыңа кадам тыштап ар дайым —
чакырыкка жол көрсөткөн жаркыным
ак төшүңө сүйүү бышкан айдайым.

* * *

Түн менен кош каректин сүйүүсүндө
түнөксүз сансыз жылдыз учуп жүрөт.
Самаймын өзүңдү эркем! Саамайыңа
жашынып сезим каткан жылдыз күйөт!

Бул бакыт — нур толкуну биз кармаган
түнөргөн караңгыны аралаган,
сагынтып, эңсеттирип экөөбүздү
эки учу кош жүрөктү туташтырган.

Уяңым колду созуп берилесең,
утурлап өзүң көздөй келем эркем.
Кай күнү шоола каптап караңгыны
жан биргем кучагыңа сыяр экем!

* * *

Кандайча сүйдүм, кандайча сүйдүм
жердеги жамалдуум.
Куттүрө билген, куттүрө билген
кыялкеч амалдуум.
Көптөргө өзүң, көптөргө өзүң
көп кыздын бири болсоң да
мен үчүн Гүлүм, мен үчүн Сүйүүм
дүйнөгө жаралдың!

Ай жарык экен, түн жарык экен
нур төккөн дилиме.
Ага жок экен, амал жок экен
ардагым сүйүүгө!
Аздектеп алды, азгырып салды
алдыртан карап койгонуң
артылып көңүл, байланып көңүл
сүйүүнүн жибине.

Батына албайм, батына албайм
бешенең ысык көрүнүп.
Билмексен болсоң, туймаксаң болсоң
мээримиң кайра төгүлүп.
Жубардай ак кыз, кумарлуу жаш кыз
кут конот качан төбөмө
куш боосун кармап, көңүлүм жайлап
таң нуру сөгүлүп.

Кандайча сүйдүм, каяктан сүйдүм
жердеги жамалдуум.
Куттүрө билген, сагынта билген
кыялкеч амалдуум.
Көптөргө өзүң, көптөргө өзүң
көп кыздын бири болсоң да,
мен үчүн Гүлүм, мен үчүн Сүйүүм
дүйнөгө жаралдың!

## ЖҮЗ ААРЧЫ

Өз бактыңдан, өз сүйүүңдөн
үмүт үзгөн ошол түндөн
кайра экинчи кайрылбадың
жүрөгүңдө өскөн гүлгө.

«Жеңе» десек, желбирттеген
көшөгөдөн сыртка чыкпай
сүйбөй тийген күйөөң менен
жүрүптүрсүң бирге уктап.

Эң ыймандуу келин болдуң
кайын атаңа, кайын энеңе.
Көңүлүңө муңуң толуп
сыр бербеген кайран жеңем!

Уул дедиң, убайымдуу
«Буюрбаптыр, ага да...
кыздар белек бергичекти
жүзүңдү аарчы садага»

Убайым не, сүйүү эмне
учурунда билбедим.
Жүз аарчынын сайма гүлү
мага кийин гүлдөдү.

Жеңем болсо ай түспөлдүү
төрөп кой көз баланы
бизге бүлөө болуп калды
уят кылбай агамы.

## АБАЙЛА

Каяктан кезигиштиң сүйбөй туруп,
кумарга, көз ирмемге кулдук уруп

капилет бүт эркимди бийлеп алдың,
арбадың! жан дүйнөмө бүлүк салдың!
Анда сен көпкө теше тиктеп туруп,
атайлап ак жүзүңдү кеттиң буруп.
Ал күндөн туйгу сезим толуп ташат,
акмалап өзүң көздөй үмүт шашат,
кайрылып өчүң бардай жооп бербейсиң,
каарданып зоока учуна бийиктейсиң...
Ар иштин чеги болот... өтө көрбө...
аскадан алыс кулап кете көрбө...
Айлана арга таппай жаңырбасын,
ак сүйүү азабыңа кабылбасын!

## МЕН БОЛСО

Бир жигит келээр менен таза карды,
ыргытып терезеге карай салды.
Селкижан колун булгап, жүзү жайнап
заматта зарыктырбай чыга калды.

Мына эми жай тиктешип бирге басып,
бойлору бир бирине төп жарашып,
кетишти шаарды аралап жаштыгына
жылынып, кыналышып, колтукташып.

Мен болсо бая келгем, жана келгем,
күтөмүн чыгат деген үмүт менен.
Тирешем — аяз күчтүү, аябаган
кайдагы таш жүрөктү сүйгөн элем?!

Деймин да, ызаланам, ертка тартам
кайра айныйм, терезеңди беттеп басам.
Ыргытып таза карды турган кезде
сүрдөймүн капилеттен чыга калсаң.

Аландап тике беттеп карабаган,
айбыгып кол сунушка жарабаган,
анан сен кантип көпкө күттүрбөйсүң
алдында бирөө турса тилден калган.

* * *

Мына дагы капилеттен карадың,
көз карашың козгоп эски жараны.
Жаш жүрөктү дүрт эттирип салган соң
жалын бойго бир заматта тарады.

Кайра туруп сен көрмөксөн болосуң,
сөз айтпастан тиктеп гана коёсуң.
Азгырыксың, суудагы айдай термелип
ээлик бербей карегиме толосуң.

Жетет сулуу, кучагыма кулагың,
сүйүү болсо — көз карашың, кумарың.
Бийиктиктен тамчы өңдөнүп кулашка
бүгүн эркем даяр болуп турамын.

## ЖАЗ БАШЫНАН КҮТСӨК ДА

Сезим жаңы баш алганда жамгыр төгө баштады...
Ушул жаанды жаз башынан биз зарыгып күтсөк да
эми биздин кайгыбызга дабаа болоор арга жок!
Жашыл тилек жайкы аптаптын ысыгына куурулуп
чегирткенин үнү аңызды каптап кетти, кантели!
саргайганбыз, бүткөнбүз!
Биз сүйүүдөн небак күдөр үзгөнбүз.
Күзгү булут эми сенин добушуңдан
сезденебиз, чочуйбуз:
тоо башынан мөндүрлөсөң бойду каптап коркунуч...

Эми бизге керега жок мээримдин,
эч бир жаандын...
чаңкап жүрүп жайды жайлай бирин-серин дап байлап...
Келерки жаз кыш артынан колун булгап чакырат
эми бизди өмүр эмес
күзгү түшүм саргайтат.

## КООПСУНУУ

Карасаң кай бир сулуунун
каректе турат сезими.
Жалт этип чочуп кетесиң
жалынга эрксиз кезигип.

Эңсетип бойго от койсо,
элбирттеп ышкың козголсо
не болмок эле сулуунун
өртүнө күйүп жок болсок?

Дейсиң да ойлуу басасың,
айбыгып сырды катасың,
ага эми тике карабай
каректи ала качасың.

Көңүлгө сулуу түйбөсүн,
шылдыңдап шыңгыр күлбөсүн?
Көптөрдү сынай караган
көз караш болуп жүрбөсүн?

## КАЙЧЫ ЖОЛ

Мен бөлөккө ашык кезде
а сен мени сүйүп жүрдүң:
батына албай эмне дешке
керендикке кулак түрдүң.

Билгем, билгем, билген менен
кандай арга табат элем?
Кайчы өтүшкөн поезд өңдүү
каршы болсо тагдыр деген.

Көз карашың, сунган колуң
жылуу эриниң, жумшак үнүң
эстен чыкпас! Өткөн жолуң
көз алдымда турат бүгүн.

Мүмкүн таш боор, мүмкүн туура
сезип туруп сезбегеним;
Ал жайыңды жеңил сурап
гүлүңдү үзүп кетпегеним.

Жолукканда доошуңду угам
кармайм жумшак колуңду.
Тазалыктай карап турам
кайчы өтүшкөн жолумду.

## СЕЗИМ ШООЛАСЫ

Жан дүйнөмдү жаз деминдей өрдөп сезим шооласы
кусалыктын деңизинде толкун серпет жүрөгүм.
Күткөм, күткөм жароокерим, гүл ачылган тоо жазын
бүгүн неге бул бакыттан сүрдөп турам түгөйүм?

Жаздын ууз сезимине кантип тике беттеймин?
Кантип, кантип айбыгуунун дарбазасын кең ачып
колуңду эркем кармап туруп неге эрип кетпеймин?!
батынбаган уяндыкта асылкечим не жазык?

Жүрөк сырын сөз коротпой чечип коёр күн кайда?
экөөбүз тең көз карашка бойду берип, ынанып;

Сезим отун алоолонтуп кош колуңду бек кармап
кумарды да, бакытты да баарын эстен чыгарып!

Али биздин ортобузда уяңдыктын дубалы...
Али бойдо мөлтүр сезим бир дайраны түзө элек.
Күндө өзүңдү күтүп, күтүп жалбырттаган убагым
ыйык сезим акыл эсти ынандырып бүтө элек...

* * *

Тоо суусу ташка чалынып,
капчыгай сүрдөп жаңырып
акканын тыңшап ай жылат
агыш нур жерге жайылып.

Арылбас өңдүү армандан
ай неге мынча саргайган?
Асманда ай бар — жердеги
сүйүүгө жетпей калгандан.

Кыз күткөн бозой сен кошо
уйкусуз өткөр бул түндү.
Жетилет, толот, таң тоссо
көөдөнгө бүткөн тун сүйүү.

* * *

Жер уйкуда күйгөн шамын өчүргөн,
бизге таандык ушул түнкү көз ирмем.
Таң тазарып ойготкуча, бөлгүчө
асылкечим жыттап канбайм көзүңдөн.

Мына колуң, алоолонуп алакан
ах, өртүңө мен өрттөнүп баратам
күйө түш деп, шыбырыңа мас болуп
коюу түндөн өз бактымды талашам.

Ак зыйнатым, аппак кардай денең ак
айды жатам, айды жатам кучактап.
Чачың десем, жалын экен төшүмө
тамыр байлап өсүп кеткен бутактап.

Ушул түнгө жылуулукту бүт берип,
уктабадык эстен чыккыс түш көрүп.
Кумар калып, элес калып, жаркыным
бул бакытты кийин көпкө издедим.

## КӨП ЖЫЛ ӨТТҮ

Аяз катуу чилде түшүп,
сен жылуудa, а мен үшүп
кайра, кайра чакыртамын
сен күттүрүп, а мен күтүп.

«Бөлмөдө жок» деген сөзгө
ынанбадым деле көпкө.
«Ырысы жок неге турат»
дегенсишет карап өткөн.

Каарып, суук сыноого алып,
кышкы дарак сыяктанып
тоңуп бара жатканымда
жолдош кызың чыга калып

ошондо бир жардам эткен,
жакшылыгы кетпес эстен!
Таарынычтын жибин түйүп
жолубузду улап кеткен.

Көп жыл өттү, биз меймандa
ошондогу курбуңкунда
олтурабыз азыр бирге
моюн бербей кышкы суукка.

## ТАПТАГЫ ЧАЙНЕК

Өзүң койгон көк чайнегиң шуулдап
кайнап жатат оттун кызыл табына.
Тунуңа арнап тор түйөсүң, жаркыным,
жай олтуруп күйгөн мештин жанына.

Эстеп жатам оргуп чыккан түтүндү
алгачкы ирет тоо койнуна тараган.
Биз каныгып эгиз жубай болгончо
жылдар дүрбөп чу коюптур арадан.

Кыял тарап тээ улан-кыз кездеги
улуу турмуш өз өңүндө көрүндү.
Уйкуну ачып, өйдө-төмөн чайпалтып
өкчөп бүтпөйт кумары арткан өмүрдү.

Куштай учуп алыстаса ал күндөр
жүрөк сыздап, эңсеп куса боломун.
Таңды күтүп, көк чалкакта жатмай жок
үй-жайлуу деп аттан түшөт коногум.

Узак-узак каттар жазып өзүңө
мен жалбарып билдирбеймин сүйүүмдү.
Жүрөгүмдү баспайт назик калтырак
мурдагыдай угаар менен үнүңдү.

Даана сезем, улам сезим тереңдеп
бото көзүм, сүйүү коштоп жүргөнүн.
Шоолаланган карегиңден жыттайм да
тыңшап канбайм оттун кызып күйгөнүн.

## СЫРКОО КҮНДӨР

* * *

Оору-сыркоо эмне экенин
небак эле билгенсигем.

Капилет
биздин бейкут уябызга
тоорулуп, дарт кутүүсүз кол сунганда
көңүл чөгүп бир башкача
ичтен сызып, үнсүз, жалгыз
капа болуп турам сыртта.

* * *

Эрте жазда
доктурга жатып калдың.
Ошол күнү мөндүр урду
көнөктөп жамгыр күчөп
төгүп барып.
Сезилди мөндүр эмес тооруган дарт
төбөмө түшүп жаткан сыяктанып.

* * *

Бүгүн барсам
терезенин ар жагынан
алайып кош карегиң
угулат үнүң сыртка араң-араң.
Сагынып сың аз күн өтпөй
Сурайсың балдарыңдын ал-абалын
кайра-кайра
үйдө калган.

* * *

Сен жатканы күн бүркөлүп
ачылды бүгүн гана.
Карабай кымбатына
колдон гүлдү сатып алып
келдим сага.
Сакайып кетсең экен!
Күндү самай түшкөн тура
жол бойлогон жазгы чөптөр.

* * *

Китебин Флобердин
өзүңө ала келдим.
Көңүлдүн кири кетээр.
Дартыңан арылышка санаакечим
бул дагы жардам этээр.

* * *

Табыштайсың кайра-кайра
үйдө иштерди бүтпөй калган.
Ай, бечара аял заты
алп урушуп оокат менен
ооруса да жай албаган.

* * *

Көңүлүң ачык экен күндөгүдөн.
Шүгүрчүлүк.
Жакшылыкка жоруп койдум:
үмүттүн жаңырыктап жылт дей түшкөн
акырын добушуна кулак түрүп.

Ашыгып келген элем.
Айтышты: «Бир аз, бир аз күтүү керек...
уйкуда» деп.
Бир аз эмес, к ү т ү ү деген сөздүн өзү
кандай кубат! Жумшак кандай!
Табына жүрөк жылып ушул сөздүн
эрип кетет экенсиң
таза кардай.

* * *

Врач жигит бир жылдары
маа коомайсып айткан эле:

«тетиги ойноок жаш баланын
операция жасайбыз деп
бир аз күндө жүрөгүнө...»

Жолдо сага келе жатып
эске түштү ошол сөзү.
Аман-эсен жүрдү бекен
дүйнөкапар балбылдаган
оюнкараак өспүрүмдүн
оттой күйгөн тунук көзү!

* * *

Ах, табият!
Адамдын бир ө м ү р ү н
аз канча жашаса да
аярлап аңдыганын көрбөйсүңбү
акмалап канча кырсык,
ар кандай дарт.

* * *

Өзүң үйдө экениңде
өздөрү эле балдар деген
чоңойгонсуп жатышты эле.
Мына эми
кечке мени эрмек кылып
жүрөбүз эшикте да, үйдө дагы
бирге басып, бирге туруп.

* * *

Сөз козголсо азыр гана
алтын, күмүш тууралысында
көзүң түшүп сулуу жазга
«аманчылык... өмүр болсо
баары болоор дедиң аста»

# БЕЛЕС

## БЕЛЕС

Боз үйдө түн бир оокум болгон ченде
ойгонуп, ооналактайм, уйку келбей
эзилем ой-санаага, эрдим ысып
эзелки сагынычым кезиккендей.

Эне-атам элүүлөрдөн ашып калган
өрүүлөп көчүп-конуп тоодо чабан.
Көргөнү көп өңдөнөт, өмүрдү өрдөп
тапканын, ташыганын арнап маган

торолтуп, түйшүктөнүп, жолду карап
бапестеп, баркташ, багып көптү самап
боор этим, балдарым деп, жан аябай
жай-кышы жабыркабай малын багат.

Мен киммин? Уйку маарек боз балапан —
эне-ата колун карап, оозун ачкан,
коркоюп, кызыл куурай сыяктанып
кызыкпай эч нерсеге жашап жаткан.

---

[1] — Көп пландуу поэмадан.

Ким билет да канчага жүрөт элем,
капилет окшобойбу сүйүү деген!
Кайрадан төрөлгөндөй туюламын
таанышып татынакай бир кыз менен.

Ал кыздын балбылдаган эки көзү,
алымдуу, жылуу жумшак айткан сөзү,
элестейт, эстен кетпейт! Багы ачылып
эңсеген окуусуна кетти өтүп.

Капчыкка атам берген акча батпай,
кашайып ал өңдөнүп китеп ачпай
таанышым өткөрөт деп жүрө берип
тартынам кулап калып арга таппай.

Боз үйдө коюу түндү жарык кылып
селкимдин, селт эттирет, үнү угулуп.
Жүрөгүм дарзан уруп кага баштайт
кабынан кетүүчүдөй азыр чыгып.

Не кылам: Каныш — шаарда, мен — тоодомун,
кардыгам, канатым жок, ойлономун.
Кантемин? Кара көзүм, туюп турам
табалап тагдыр мени кордогонун.

* * *

Таң атпайт, түн бир узак, ойгоо жатам.
Картайды кой артынан жүрүп атам.
Мен качан акыбетин актаар экем,
мен качан оозго илинип, ордун басам?

Бул ойлор мурда мага не келбеген?
Ойнопмун кайрылбаган өмүр менен.
Жалгыздайм, буулугамын, ызаланам
жай таппайм эске түшүп намыс деген.

Карылык келген менен аяр басып
атамдын кажары бар, көңүлү ачык.
Жүзүнө жөргөмүштүн желесиндей
бырыштар жайылса да катарлашып.

Жарыктык мээнеткеч да, жаны тынба
көнүптүр бир мүнөткө бекер турбай.
Кай күнү кыял чиркин, үмүт чиркин
карынын көөдөнүнө кетет сыйбай.

Ашыгып, айды жандап кыялданат
апамды атам далай ойго салат.
Алиге дайыны жок небересин
ээрчитип эс алууга кетип калат.

Уулуңдун, аял алса, тамы бар дейт;
ушатаар төрт түлүктүү малы бар дейт.
Эгерим кыз төрөсө келинчеги
тез жарайт кол арага багып ал дейт.

Кемпирим, келин алсак, кайнына
кечикпей кол куушуруп дароо барам!
Айдатып «Жигулимди» минип алып
атайы төшкө орденди тагып салам.

Баягы «Баланча-уп» барктуу чабан
кудасы болуптур деп, анын, адам,
айылына күбүр-шыбыр сөз таркатып
төрдү ээлеп чыканактап жатып калам.

Кубанат, корс-корс күлөт, ээ байбиче,
жоолугу келиниңдин даяр беле?
Көрсөтчү, бул жарабайт, жапон жоолук
алдыргын баланчадан эртең эле

дейт дагы оргуп алат, эргип алат,
олтурган бир кезекте мени карап:

«Ой, арам, көөнүң толгон бирөө барбы?»
октолуп, теше тиктеп, суроо салат.

Кош тилек көкүрөккө батпайт деген
элдеги айтылган сөз туура белем.
Келечек келинине ичи жылып
көп болду күтүп жүрөт атам, энем.

* * *

Ойгоомун, атам туруп малга чыкты.
Тыңшаймын жымжырттыкка толгон тышты.
Асмандын төшүн тилип ушул кезде
азгындап алда кайдан жылдыз учту.

Ал жылдыз жүрөгүмдөн өткөн өңдүү
эсиме кайра баштан Каныш келди.
Сөйкөсү жарк дей түшкөн сыяктанып
асмандан учкун жанган кандай белги?!

Канышым! атың таттуу, кадим балдай!
Тура албайм ысымыңды кайталабай.
Кай күнү бактым алыс учуп кетсе
кай күнү көкүрөктө арман калбай

чыныгы таалай экен Сүйүү деген!
Жүрөктүн кеңдигине чек жетпеген:
айды да, асманды да, ааламды да
адамга тартуу кылып баарын берген.

Ай калкыйт тиктеп турсам кай бир түнү
айтпаган көкүрөктө сырды билип,
мен эмес ал сагынып, саргайгандай
алыстан агыш тилке нуру тийип

колкулдөйт, көөлбүп алат, жайып канат,
көшүлтүп айланганы ойго салат,

селкиң да сен өңдөнүп жүрөт дейби
сес берип аска учуна токтой калат.

Ай антсе мен кусадар күндөн бери
сооротуп согот жумшак тоонун жели.
Кылкылдап, кыялданып миң сан чөптүн
кырандан бир башкача термелгени!

Дем алып бийик жердин абасынан,
Канышым гүлдүн, чөптүн арасынан
алдыман азыр чуркап чыгуучудай...
сүрдөймүн жүрөгүмдүн кагышынан.

Жаркыным дегдеп, арзып сүйгөнүмдү
жалындап, жашылданып жүргөнүмдү
билбестир.. унуткандыр... окуута өтпөй
өзүнө мен жолуккан күндөрүмдү.

* * *

Уйку жок мындай түндөр далай болду.
Уялап жүрөгүмө куса толду.
Түгөт кыз бир көрүнүп, бир каратып
өмүрдүн нугун кайда буруп койду?

Адам эй, ал каякта, мен каякта?
Керилген кенен шаарда окуп жатса
кызганам тоо башына туруп алып...
кантемин өмүр шерик жигит тапса?

Жетсемби эртең эле шаарга шашып,
келсемби кечикпестен ала качып.
Туз буйруп, бүлө болуп туруп калаар
бир аз күн кыз каадасы... туйлап жатып...

Калганча көкүрөктө сырымды айтып,
туюнтуп, түшүнткүчө жүрөк басып,

караң кал, чуу баскыча чубап келип
төркүнү кетсе кантем кайра тартып?

Оолугуп, кызып алып баягыда
бир кызды ала качтык Баялыга.
Келини кете берди көпкө турбай
биз уят болуп калдык аягында.

Тумандай санаа чүмкөп турган жерди,
туюктап гүл туйлаган кыраң белди,
кордогон, ыза кылган, жарга түрткөн
кол жетпес сүйүү кайдан мага келди?

Анте албайм, алдастатпа, арам ойлор,
ак сүйүүм кол сала албайм сени кордоп!
Ата-энем ак өргөөдө алкап күткөн
асылкеч, сыр билишкен болсок жолдош!

* * *

Ким билет кээде ушунча санаа күлүк,
далай жыл камарабай жайсыз жүрүп
картайып баратканын ата-энемдин
кантейин жаңы туюп, жаңы билип

кайгырам, канаттуу экен кайтпас жылдар
кайрылбай катар учкан каркыралар.
Бар тура ар куректин өз белеси
баа берип турмуш жайын байкап калаар.

Бардаштуу, барктуу болуп атам-энем,
балалык эркеликте өткөн экен:
ал учур эске түшсө кээде күлүп
кээ бирде эмне дээрди билбей кетем.

Бир ирет, Чуңкур-Сууда, жай толгондо
жайкалган көк жайыкка эл конгондо

сабаага кымыз батпай, мал семирип
жайлоонун күрү чыгып шай болгондо

айтты атам. — Көчүү-конуу жокто кемпир
чакырткын, малчылардын баарын келтир!
Тушоосун кесели деп жаманыңдын
байге алып, эл балага бата берсин.

...Инимди там-туң баскан чекке коюп
келиндер, кыздар, балдар топ-топ болуп,
күлүгү мөрөй алып, тушоо кесип,
жайлоого той-тамаша, күлкү толуп,

тандалып Бакас, Бозгун, Молутбектер
малчылар, бойго толгон шок жигиттер
атайы чек болжошуп... баш байге үчүн
кырды ашып, кызык баштап, алыс кеткен...

Биз болсо орто жолдо бир топ бала
алардын жарышканын көксөп, самап
тизилип, чыдам кетип, кошо дүргүп
кырандан бойду созуп турдук карап.

Аңгыча күлүктөргө берди белги!
Биз дагы чулуп алып турган жерди
балдарга, чоңдорго да караандатпай
чымылдап кайран өзүм чыгып келдим.

Кызыгын каран калгыр, ашып келсем:
чоңун да, майдасын да, баарын жеңсем,
байгесин Бакас алып балакет жок
бычакты карматышпайт кесем десем.

Ошондо ызам батпай ичке жыйган,
күчүмдү чыгарыпмын чуудан, ыйдан.
Көгөрүп көпчүлүккө моюн бербей
көшөрүп сооротконду уят кылгам.



8—443

Батынып Жума кары басып келип,
байгеден ыроо кылып мага берип
ырым бар: өз тушоосун өзү кеспейт!
Бирок сен алдың деди баарын жеңип.

Карынын айткан сөзүн туура көрүп,
ынандым, ыйым токтоп, шартка көнүп.
Кантсе да калкка ошондо бир көрүндүм
калтырып кыйындарды чыгып келип.

* * *

Ах, десең, балалыктай жыргал кайда!
Алышса көңүлүңдү туура жайлап,
ачылып күн сыяктуу жадырайсың
айтканын айып көрбөй азыр кайра

кашкайган тоо суусундай тунук сезим
кагылам балалыгым ойноок кезим.
Токтолуп, бойго толуп, эңсеп турам
көз ачып жумгучакты өтүп кетип.

Айтаарым азыр менден күдөр үзбө,
жан дүйнөм жаңы бүрдөп турган кезде.
Эргиймин элден бөтөн ойногондой
эгерим оюндарым эске түшсө.

Чикитиң — кырдан ылдый чымылдаткан,
жашынбак — шыраалжынга бойду каткан.
Беш ташың — «бээ саадыны» көпкө ойноп,
чыбыгың — кой жолдордон күлүк чапкан.

Ай, баардан ак чөөлмөккө эмне жетет!
Жыйылып кыз-кыркындар, келин-кезек,
жигиттер «шап койду» деп жылт бергенде
жарык ай кошо дүргүп чуркап кетет.

Аткулак шуудур этсе аягында,
ак чөөлмөк жаткан өдүү тамаңында

селт этип... кармай калсаң эски куурай
жалт карайт атаандашың шекип сага

жулкушуп, жылаңайлак шибер кечип,
жеткизбей, бут тосконду буйтап өтүп,
таштасаң ак чөөлмөктү арман калбайт
ашыгып... акырындап... чекке жетип.

Анан биз ал оюнга канган кезде,
ай калкып күн батышта тоого жетсе
сезилип үрүл-бүрүл, таң атаары
сыдырым... чөптүн учу бүлк-бүлк этсе

тынығып, тарап кетпей, кайра баштап
отурсаң таңды күтүп, жоолук таштап,
айланаң жарык болот бир кезекте
сермелип аткан таңдын саары каптап.

Ошондо кыздар селт деп шашкан болуп,
көрк берген көкүрөгү көзгө толуп,
тарашса... мал артынан кетет балдар
желеге жылкыларды кайрып коюп.

* * *

Ташкындап, такаат берип агат өмүр,
ансайын асман айды эңсейт көңүл.
Калтырып балалыкты бир кылчайсак
калыппыз турмуш өсүп, көптү көрүп.

Болбосо ушунчалык заман тезби,
баштайсың ойго келбес далай кепти.
Карылар калк каадасын эске салган
кайрылбай бу жарыктан өтүп кетти.

Жаңы муун, жаңы турмуш, жаңы заман
башаттан дайра курап өзүңө агам.

Билимдүүн мобу чилдей Жекшенбекпи?
Биринчи ушул угат жаман кепти.
Малчыга кадырым бар, чондор колдо
билебиз жен учунан эмне дешти.

Зарылбек зөөкүргө анда ынаныпмын,
жайлоодо жан жыргата кубаныпмын.
Билимдин ыйыктыгын, адамдыкты
абийирди, баарын ойдон чыгарыпмын.

* * *

Шаардагы эске түшөт китепкана,
шашылбай тилмийишсе китеп карап
жымжырттык... баш көтөрбөй бир да бирөө
барганды баамчыл кылып ойго салат.

Санатсыз текчелерде китеп турат
сурасаң сылык-сыпаа үн угулат.
Салмактуу, ойчул жандар окуп, окуп
ойлонуп, көз талытып сыртка чыгат.

Бул жердин бейпилдиги, жымжырттыгы
туйгансыйт турмуштагы болгон сырды,
кандайдыр ааламдагы зор эркиндик
сезилет адамзаттын ыйыктыгы.

Сүрдөгөм бул жайдагы бейкуттуктан,
жаштардан ой жүгүртүп, кыялы учкан.
Каныштты кирип кеткен таппай калып
карайлап баш адашып кайра чыккам.

Окууга өтүп жаткан кезинде эле,
Канышым үйүр алгандай сезилди эле,
ал жерде жүргөн чыгаар, ак кептерим,
канаты билим менен жетилди эле.

Ким билет, со тозоку, шаар деген шаар,
салтанат, оюн-күлкү, шарабы бар
шапар тээп, бардан чыкпай, моданы кууп
түтүнгө оюн ыштайт кай бир жаштар.

Алардын четин мен да көрүп калдым,
кошулуп Жора менен бирге бардым.
Сөздөрүн ит түшүнбөйт: чалды-куйду
орусча, кыргызчабы айра албадым.

Андан да эне тилин билбей калган,
чет элдин сөзүн кошуп чулдураган
кыздардын ич көйнөгүн кыркып кийип
бутуна жыланайлак кепич салган

бар экен арасында бир берени,
деле ага бир да бирөө чендебеди.
Араандай оозун ачып арагынды
алкымдан төмөн карай куя берди.

Канышым, кагылайын, ак кептерим,
жарыгым, сагынычым, эңсегеним,
эсимден кетпей койдуң, эмне кылам?
Эзели тигилерге кезикпегин.

* * *

Кайрылып жашыл шаарга барар элем,
Канышым бир өзүңдү табаар элем.
Карекке элесинди калтыргыча
канбастан карар элем, карар элем.

Бирок мал, апам байкуш жүрөт ооруп,
чабанга кесел өңдүү жалгыз бойлук.
Мен шаардан баргычакты кой кыркылып
карыям көргөн экен далай кордук.

Жылжытып кой жорголуу жумшак кепти,
фермабыз ошончодон Оңолбекти
жардамчы чабан кылып дайындаса
анынан атам кайра азап жептир.

Бастырса бир күн өзү жокту карап,
Оңолбек Чет-Булакка малды жаят.
Карагай кыйгандарга түшүп барса
ал жерде даяр тамак, даяр арак!

Океңдин баккан малы эстен чыгып,
кошулуп там салганга шырык кыйып,
опулдап оңду-солду сүйлөгүчө
оролгон тоо башынан булут жылып

күчөнүп, күн күркүрөп, мөндүр сабайт,
кыркылган жылаңач кой чилче тарайт.
Кеч кире, ээри ооп, чылбыр сүйрөп
өзү жок аты келет үйдү карай.

Бириндеп кой кетиптир алда кайда,
бүлүнүп, айыл дүрбөп издеп барса
мурдуна көгөөн конуп, эс-учу жок
Оңолбек оңолбогур жолдо жатат.

Күүгүмдө мал санаса он кою жок,
түндөсү булут самсып, бороон боздоп
жетөөнү төө куйрукта карышкыр жеп
үч койдун изи чыкпай дайыны жок.

Безгеккен жалгыз койду Кара-Кырдан
таап келсе, коору кетип, өлүп тынган.
Океңе бир күн малды табыштаса
ошентип опол тоодой «эрдик» кылган.

Төлөшкө ити да жок чыгаар үрүп,
аялмет, зээниң кейийт, шартын билип.

Кыштакта, жаңы тамда, жабылбаган
олтурат боз кыроодо чатыр тигип.

Андан да сөзмөрлүгүн айтпа анын,
оолукса санжыралуу кептен салып,
бир көргөн оңой киши деп ойлобойт
Окендин келбетине көзү канып.

Океңе куюп сунган арак болсо,
шарт болсо, жайып койгон тамак болсо,
жаак тынбай саймедиреп сүйлөй бермек
жыл боюу «кеп ур» деген талап болсо

ал бале! баяндаса түркүн кепти,
билбестен олтурмаксың эмне дешти.
Футболго, багы ачылмак, комментатор
кылганда биздин ушул Оңолбекти.

* * *

Кантсе да турмуш төбөөл, турмуш улук
толкуса күү-шаа түшүп, шамалча улуп.
Күчүмө эми кирдим деген кезде
каардаиса тамырыңды кетет жулуп.

Көрсө адам сүрөт экен аз канча өмүр,
аа болбой ооруйт экен көпкө көңүл.
Оп тартып, обор кетип, ач көздөнүп
жыргалдын көксөйт экен жалаң төрүн.

Өзүм деп, өзөк созуп калат экен,
өзгөнү алакчылап салат экен.
Камынып кыя чабам деген кезде
кайра өзү кыяпатка калат экен.

Көп ичин байкап жүрөм, көрүп жүрөм,
жүрөктүн дабышына кулак түрөм:

айткансыйт — бу жарыкты сүйүш үчүн
каржалып күндүр-түндүр кагып жүрөм.

Эт жүрөк, кантсин байкуш, эргип алат,
элирип көп нерсеге туталанат.
Жүрөктүн жашаганы — сүйгөндүгү
сүйүүдөн жыргал табат, бакыт табат.

Эсиме келген сайын кайра, кайра
кошулсам деп ойлоймун Канышыма.
Кыялдан күлүк нерсе жок өңдөнөт
кызытып алып кетет алда кайда.

Таң атса таалай кошо атуучудай,
күдөрсүз түндөр артка качуучудай,
табият тартуу кылган бал сезимдин
табышмак даамын бүгүн татуучудай

сүйүүнүн нуру го деп аны сезем!
Миң ирет сулуу кылып элестетем.
Бакыттын колдо учугу турган өңдүү
кай күнү жерге батпай эргип кетем!

Купуя сырларымды ичке сактап,
сезимди бөлүшөөргө киши таппай,
Туюктун жайлоосунда мал семиртип
сезимдин туюгунда ойго батмай

мен үчүн адат болду көптөн бери,
жаш жүрөк самайт тура сүйгөн теңин.
Аз калды, жоокер иним өтөп келсе
атама каралашат жардам берип.

Зымырап бир заматта жетип барам,
өзүңдү, Каныштайым, издеп табам.
Окууга өтүш үчүн даярланып
жаныңда ишканада иштеп калам.

Жаштыктын белесинен турмуш көрүп
суюлуп бараткапын тоонун чөбү
туюнуп, билим алып, Адам болуп
адал иш кылсам деймин окуп келип.

Ойлосом каргылданып кетет үнүм,
жалындап жакшылыкка үндөйт сүйүүм.
Жаштыкты кумарлантып, жыты аңкыган
жашоонун үзгүм келбейт өскөн гүлүн.

Билбеймин Каныштайым, сүйөөрүңдү,
билбеймин сөзгө кулак түрөрүңдү,
өзүңдү бел тутуп да, ыйык тутуп
үзө албай жашап келем күдөрүмдү.

айткансыйт — бу жарыкты сүйүш үчүн
каржалып күндүр-түндүр кагып жүрөм.

Эт жүрөк, кантсин байкуш, эргип алат,
элирип көп нерсеге туталанат.
Жүрөктүн жашаганы — сүйгөндүгү
сүйүүдөн жыргал табат, бакыт табат.

Эсиме келген сайын кайра, кайра
кошулсам деп ойлоймун Каңышыма.
Кыялдан күлүк нерсе жок өңдөнөт
кызытып алып кетет алда кайда.

Таң атса таалай кошо атуучудай,
күдөрсүз түндөр артка качуучудай,
табият тартуу кылган бал сезимдин
табышмак даамын бүгүн татуучудай

сүйүүнүн нуру го деп аны сезем!
Миң ирет сулуу кылып элестетем.
Бакыттын колдо учугу турган өңдүү
кай күнү жерге батпай эргип кетем!

Купуя сырларымды ичке сактап,
сезимди бөлүшөөргө киши таппай,
Туюктун жайлоосунда мал семиртип
сезимдин туюгунда ойго батмай

мен үчүн адат болду көптөн бери,
жаш жүрөк самайт тура сүйгөн теңин.
Аз калды, жоокер иним өтөп келсе
атама каралашат жардам берип.

Зымырап бир заматта жетип барам,
өзүңдү, Каңыштайым, издеп табам.
Окууга өтүш үчүн даярланып
жанында ишканада иштеп калам.

Жаштыктын белесинен турмуш көрүп
суюлуп баратканын тоонун чөбү
туюнуп, билим алып, Адам болуп
адал иш кылсам деймин окуп келип.

Ойлосом каргылданып кетет үнүм,
жалындап жакшылыкка үндөйт сүйүүм.
Жаштыкты кумарлантып, жыты аңкыган
жашоонун үзгүм келбейт өскөн гүлүн.

Билбеймин Каныштайым, сүйөөрүңдү,
билбеймин сөзгө кулак түрөрүңдү,
өзүңдү бел тутуп да, ыйык тутуп
үзө албай жашап келем күдөрүмдү.

## МАЗМУНУ

### ӨСКӨН ЖЕР

#### 1. Арзуу


Турмуш даамы . . . . . . . . . . . . 6
Торгой . . . . . . . . . . . . . 7
Жол . . . . . . . . . . . . . 8
Жер турмушу . . . . . . . . . . . . 9
Сен үчүн . . . . . . . . . . . . 10
Арзуу . . . . . . . . . . . . . 11
Сатуучу кыз . . . . . . . . . . . . 11
Тоо түнү . . . . . . . . . . . . 13
Ала-Тоого таралып . . . . . . . . . . 14
Ак калпак . . . . . . . . . . . . 14
Кыргыз тоосу . . . . . . . . . . . 14
Босого . . . . . . . . . . . . . 15
Айылга баруу . . . . . . . . . . . 16
Ысык-Көл . . . . . . . . . . . . 17


#### 2. Кара молдо


Комуз күүсү . . . . . . . . . . . . 18
Күүнү тыңшап . . . . . . . . . . . 19
Токтомамбет . . . . . . . . . . . . 20
Бата . . . . . . . . . . . . . 20
Байказы . . . . . . . . . . . . 22
Эл кенчи . . . . . . . . . . . . 24
Сыймык . . . . . . . . . . . . 25
Насыят . . . . . . . . . . . . 26
Ибарат . . . . . . . . . . . . 27
Эл тилеги — тынчтык . . . . . . . . . 28
Дүнүйө . . . . . . . . . . . . 28
Мурас . . . . . . . . . . . . . 29
Соңку сөз . . . . . . . . . . . . 30

### 3. Дарак

Байланыш . . . . . . . . . . . . . . . 31
Алар жашайт . . . . . . . . . . . . . 32
Ата жай . . . . . . . . . . . . . . . 33
Жаңы кар . . . . . . . . . . . . . . 34
Дарак . . . . . . . . . . . . . . . . 35
Өткөн өттү . . . . . . . . . . . . . 36
Бүдөмүк ой . . . . . . . . . . . . . 36
Белек . . . . . . . . . . . . . . . . 37
Карыянын сөзү . . . . . . . . . . . . 37

## КАЙРЫЛУУ

### I

Эрдемсүү . . . . . . . . . . . . . . 40
Сестенүү . . . . . . . . . . . . . . 40
Жер күчү . . . . . . . . . . . . . . 41
Ызалануу . . . . . . . . . . . . . . 43
Жеңил ыргак . . . . . . . . . . . . . 44
Базар , . . . . . . . . . . . . . . 45
Сунуш . . . . . . . . . . . . . . . 46
Биз арбынбыз . . . . . . . . . . . . 47
Акынды эскерүү . . . . . . . . . . . 48

### II

Кайра жарал . . . . . . . . . . . . . 50
Ачык сөз . . . . . . . . . . . . . . 50
Алымкор . . . . . . . . . . . . . . 51
Күзгү бакта . . . . . . . . . . . . . 52
Бир сабак . . . . . . . . . . . . . . 53
Өкүнүч . . . . . . . . . . . . . . . 53
Курбуларга . . . . . . . . . . . . . 54
Кайрылуу . . . . . . . . . . . . . . 55
Шаардын көркү . . . . . . . . . . . . 56
Түйүн . . . . . . . . . . . . . . . . 58
Дилдеги ой . . . . . . . . . . . . . 58
Түйшөлүү . . . . . . . . . . . . . . 59

## III

Ишеним . . . . . . . . . . . . . 60
Кол сыры . . . . . . . . . . . . . 60
Өмүр барда . . . . . . . . . . . . 61
Чалгычылар . . . . . . . . . . . . 61
Кутман талаа . . . . . . . . . . . . 62

## IV

Сүрдөө . . . . . . . . . . . . . 62
Эргүү . . . . . . . . . . . . . . 63
Ыр . . . . . . . . . . . . . . 64
Тилек . . . . . . . . . . . . . . 65
Ясная Поляна . . . . . . . . . . . 67
Сыбызгы . . . . . . . . . . . . . 68

## ОЙНООК СУУ

## I

Жаздын келиши . . . . . . . . . . 72
Жаз деми . . . . . . . . . . . . 72
Тоо таңы . . . . . . . . . . . . 73
Таңкы кубаныч . . . . . . . . . . 74
Адашкан нур . . . . . . . . . . . 74
Жайкы түн . . . . . . . . . . . . 75
Арчалууда . . . . . . . . . . . . 76
Беде гүлдөгөндө . . . . . . . . . . 77
Ай толгондо . . . . . . . . . . . 77
Күз . . . . . . . . . . . . . . 79

## II

Шыраалжын . . . . . . . . . . . . 80
Бала . . . . . . . . . . . . . . 80
Ойноок суу . . . . . . . . . . . . 81
Эсиңе ал . . . . . . . . . . . . 82
Көпүрө . . . . . . . . . . . . . 83
Турмуш сабагы . . . . . . . . . . 83

## III

Жер бактысы . . . . . . . . . . . . . . 84
Чексиздикке суктануу . . . . . . . . . 85
Аска . . . . . . . . . . . . . . . . 86
Түнкү асман . . . . . . . . . . . . . 86
Бүтүм . . . . . . . . . . . . . . . . 87
Өзүңө келет айткым . . . . . . . . . . 87
Досума . . . . . . . . . . . . . . . 88
Студенттик жылдар . . . . . . . . . . 89
Изилдейм . . . . . . . . . . . . . . 90
Өтүп кетсе . . . . . . . . . . . . . 91
Күн . . . . . . . . . . . . . . . . 91
Ак кайың . . . . . . . . . . . . . . 92
Эми менин . . . . . . . . . . . . . 92
Топук кылсаң . . . . . . . . . . . . 93
Жаштык келсе . . . . . . . . . . . . 94

## СЕЗИМ ШООЛАСЫ

Айлуу түн . . . . . . . . . . . . . . 96
Бизди күтөт . . . . . . . . . . . . . 97
Мен убара . . . . . . . . . . . . . 97
«Түн менен кош каректин сүйүүсүндө» . . . . . 98
Кандайча сүйдүм . . . . . . . . . . 99
Жүз аарчы . . . . . . . . . . . . . 100
Абайла . . . . . . . . . . . . . . 100
Мен болсо . . . . . . . . . . . . . 101
«Мына дагы капилеттен карадың» . . . . . 102
Жаз башынан күтсөк да . . . . . . . . 102
Коопсунуу . . . . . . . . . . . . . 103
Кайчы жол . . . . . . . . . . . . . 103
Сезим шооласы . . . . . . . . . . . 104
Тоо суусу ташка чалынып . . . . . . . 105
«Жер уйкуда күйгөн шамын өчүргөн» . . . . 105
Көп жыл өттү . . . . . . . . . . . . 106
Таптагы чайнек . . . . . . . . . . . 107
Сыркоо күндөр . . . . . . . . . . . 107
Белес . . . . . . . . . . . . . . . 111

*Асан Жакшылыков*

**ХОЛМ**

**стихи и поэма**

для молодежи

*(на киргизском языке)*

Издательство «Мектеп»

Редактору *Ж. Бектуров*
Сүрөтчүсү *А. Цыганок*
Сүрөт редактору *А. Байбөрүев*
Тех. редактору *В. И. Комерова*
Корректору *Ж. Дылдаев*

ИБ № 1950

Терүүгө 19. 11. 1980-ж. берилди. Басууга 05. 01. 1981-ж. кол коюл-ду. Д—02706. № 1 типография кагазы. Кагаздын форматы 70×90¹/ Адабий ариби. Жөнөкөй ыкма менен басылды. 4,125 физ. басм табак, 4,83 шарттуу басма табак, 4,99 учёттук басма табак. Нускасы 4000. Заказ № 443. Баасы 60 т.

«Мектеп» басмасы.
720361, ГСП, Фрунзе ш., Совет көчөсү, 170.

Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюн мамлекеттик комитети. Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атында Кыргызполиграфкомбинаты.
720461, ГСП, Фрунзе, 5, Жигули көчөсү, 102.